**Т.А.Байтикова,**

**Камчыбек уулу Мырзабек**

# БАЛДАРДЫ МЕКТЕПКЕ ДАЯРДОО

**Окуу-методикалык колдонмо**

**Каракол, 2014**

УДК 371
ББК 74.00
Б 18

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окуу-методикалык кеңешмесинин (13.03.2014-ж) чечиминин негизинде басууга сунушталды.

**Рецензия жазгандар:** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин "Жогорку мектептин педагогикасы" кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, проф. м.а. **Раимкулова А.С.**,
К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин социалдык психология факультетинин деканы, философия илимдеринин доктору, профессор **Орозалиев Э.С.**

**Байтикова Т.А., Камчыбек у М.**

Б 18 Балдарды мектепке даярдоо: Пед.адис.студ.үчүн окуу-метод. колдонмо /Ж.Баласагын атын. кыргыз улуттук университети. –Каракол: 2014. – 52 б.

ISBN 978-9967-32-003-1

Окуу-методикалык колдонмодо балдарды мектепке даярдоо ишмердүүлүгүнүн актуалдуулугу (психологиялык даярдык), даярдоо курстарынын коомдук зарылдык катары мааниси ж.б. караштырылды. Даярдоо процессинде изилдөө методикалары баланын мектепке даярдыгын диагностикалоо иштерин жүргүзүү максатын көздөйт.

Бул окуу-методикалык колдонмо жогорку педагогикалык окуу жайлардын окутуучуларына, студенттерге, тарбиячыларга, ата-энелерге жана окутуу-тарбиялоо жаатында эмгектенген адистерге сунушталат.

Б 4303000000-14
ISBN 978-9967-32-003-1

УДК 371
ББК 74.00

© Байтикова Т.А., Камчыбек уулу М., 2014.
@ Ж.Баласагын ат. КУУ, 2014.

## Кириш сөз

**“Бүгүнкү күндөгү баланын кандай адам болору балалыгынын кандай өткөндүгүнөн, балалык жылдары аны ким көп жетелегендигинен, чөйрөдөгүлөрдөн ким баланын жүрөгүнөн орун алгандыгынан көз каранды” (В.А.Сухомлинский).**

Бүгүнкү күндө балдарды мектепке даярдоо ишмердүүлүгү өтө актуалдуу маселе болуп келет. Бул маселеге байланыштуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кабыл алынган мектепке чейинки билим берүүнүн программасында (240 сааттык) баланын жалпы өнүгүүсүнө (физиологиялык, психологиялык, социалдык) камкордук көрүү процесси камтылат. Өлкөбүздө мектепке даярдоо курстары педагогикалык, психологиялык тармактар менен бирдикте өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп, алар мектепке чейинки педагогика, жалпы психология, жаш курак психологиясы, логопедия, медициналык психология, лингвистика ж.б. илимдер менен тыгыз байланышта иш алып баруусу учурдун негизги талабы десек болот. Даярдоо маселеси комплекстүү болуп, анын ичинен психологиялык даярдыкка өзгөчө көңүл бурууда келечекте баланын мектептеги окуу ишмердүүлүгүн өздөштүрүүсүнө, татыктуу инсан болуп калыптануусуна шарт түзүлөт.

Кыргызстанда билим берүү модернизациясынын стратегиясы бүгүнкү күндө заманбап мектепке чейинки билим берүү уюмдарынан балдарды мектепке даярдоонун мыкты сапатын, жаңыча жол менен даярдоону талап кылат.

Бул максатта КРнын Билим министрлиги менен бирдикте “Роза Отунбаеванын демилгеси” атындагы Эл-аралык коомдук фонд дүйнөлүк педагогикадагы Вальдорфтук ыкманы жана М.Монтессоринин методикасы мектепке даярдоо программасына киргизип, ал борборубузда, ошондой эле Баткен областында практикалап жатат. Мындай шартта мектепке чейинки билим берүү программасына интеграцияланган сабактарды (мектепке чейинки билим берүүнүн базалык жана кошумча программаларын тематикалык жана аңдап билүүнүн өз ара байланышынын негизинде окутуу) киргизүү сунушталат. Бүгүнкү күндө даярдоо процессинде методикалык жактан камсыздоонун орду чоң. Анткени баланын окууга болгон мотивациясын ойготууда бардык жактан камсыз болуусу шарт. Бул окуу-методикалык колдонмодо баланы мектепке даярдоонун зарылчылыгы, жактары, деңгээлдери, принциптери, сабактардын түрлөрү жөнүндө маалыматтар, ата-энелерге кеңештер, даярдыкты диагностикалоочу методикалар жана тиркеме сунушталды.

## Балдарды мектепке даярдоо курсуна жалпы түшүнүк

Балалык – адам жашоосунун уникалдуу мезгили болуп саналат. Мектеп жашына чейинки куракта (3-4 жаштан 6-7 жашка чейинки мезгил) бала психофизиологиялык жактан калыптанып, жүрүм-турумдун социалдык нормалары өздөштүрүлүп, инсандык түзүлүш жүрөт. Балалык мезгилде тилдин байлыгына, аны үйрөнүүгө ашыгып, оюн ишмердүүлүгүндө логиканын грамматикалык эрежелерин түшүнүүгө аракеттер жасалат.Ошондуктан балдарды мектепке даярдоо курсунун багыты билим берүү процесси үчүн эң зарыл болгон баланын жалпы психологиялык (речтик, интеллектуалдык, мотивациялык, эрктик, коммуникативдик, дене жактан) өнүгүүсүн калыптандырууга жана көмөктөшүүчү социалдык, педагогикалык даярдыгын камсыз кылууга багытталышы шарт.

Мектеп жашына чейинки курактагы балдарды окууга даярдоо маселеси учурда коомдун орчундуу талабы болуп саналат. Анткени даярдоо ишмердүүлүгү баланын бүтүндөй жашоосунун түптөлүшүнө негиз болуп, келечекте социалдык чөйрөдөн өз ордун табууну шарттайт. Буга чейин деле бала бакчалардын шартында балдарды мектепке даярдоо иши жүргүзүлүп келген. Бирок коомдун өнүгүү-өзгөрүү шартында атайын даярдоо курстарынын кеңири чөйрөнү камтуу менен жер-жерлерде ачылып, комплекстүү, бүгүнкү күндүн талабына ылайык иш алып баруу зарылдыгы келип чыкты.

Бул максатта балдарды мектепке даярдоо маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлиги атайын программа (2012-жылдын 1-августунда) кабыл алып, программага 97% мектепке чейинки балдар тартылып, 43% т.а, 53000 бала 240 сааттык атайын программа менен, 31000 бала кыска мөөнөткө эсептелген 100 сааттык программа менен окутулууда. Даярдоо ишмердүүлүгү жылдын февраль айынан башталып, жумасына 5 күн, 3 сааттан окутулат. Курс окутуучулук, тарбиялоочулук, өнүктүрүүчүлүк (дене жактан, когнитивдүү, социалдык, эстетикалык) максатты көздөйт. Даярдоонун зарылчылыгы баланын алгачкы билим деңгээлин курак өзгөчөлүгүнө жараша калыптандыруу менен түшүндүрүлүп, келечекте мектепке бара турган баланын ийгиликтүү окуусуна шарт түзүлүп, таланттуу балдар эрте аныкталып, аларга жекече мамиле жасоого багытталат.

Балдарды кайсы жерде даярдоо маселеси да орчундуу

проблема десек болот. Азыркы учурда ата-эненин мүмкүнчүлүгүнө жана аймактык шартка жараша баланы атайын окуу куралдарынын жардамы менен үй шартында (кубиктер, таблицалар, таякчалардын жардамында), бала бакчанын алдында атайын даярдоо курстарында, мектепке даярдоо тайпаларында, таланттуу балдарды өнүктүрүү борборунда, жеке окутуучуларга (репетитор) берүү менен даярдоого болот. Мындан тышкары шаарларда заманбап адистер даярдалып, кеңири кесиптик даярдыкты камсыз кылышууда (алардын тизмеси менен тиркемеден тааныша аласыздар). Баланы атайын адистерге даярдоо үчүн берүүдө баланын жекече касиеттери (жөндөмдүүлүгү) эске алынышы керек. Ошондуктан мектеп окуусу билим алуу гана проблемасы эмес, баланын интеллектуалдык өнүгүүсүн жана инсандык жактан калыптануусун, тарбиялоо проблемаларын да камтыйт.

Буга байланыштуу баланы мектепке даярдоо проблемасы курч маселеге айланып, узак убакыт бою балдарды мектепке даярдоо критерийлери акыл-эсинин өнүгүү деңгээли менен түшүндүрүлүп келген. Л.С.Выготскийдин пикири боюнча баланын даярдыгын элестөөлөрдүн сандык запасы эмес, баланын таануучулук процесстеринин өнүгүү деңгээли аныктарын белгилеген [4]. Мектепке даяр болуу – бул курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын, ага туура келүүчү предметтердин категорияларын жалпылаштыруу жана дифференциациялоо саналат.

Мектептеги окууга даяр болуу концепциясын А.В.Запорожец, А.Н.Леонтьев, В.С.Мухина, А.А.Люблинская ж.б. окумуштуулар комплекстүү окутуу катары иштеп чыгышкан [15]. Алар даяр болуу процессине баланын окуу тапшырмаларынын маанисин түшүнүүнү, алардын практикадан айырмачылыгын, иш-аракеттерди аткаруу ыкмаларын сезе билүүсүн, өзүн-өзү көзөмөлдөө жана баалай алуу ыктарына ээ болуусу, эрктик сапаттарын өнүктүрүү, уга билүү, эстеп калуу, байкагычтык, максатка жетүү аракеттерин кошушат. Ушул негизде балдарды мектепке даярдоо курсу негизги үч багытта жүрөт: биринчиден, **жалпы өнүгүүнү** алгач баланын эске тутуусу, кунт коюусу, өзгөчө интеллекттин өнүгүшү түзүп, бала мектеп босогосун аттаганга чейин өнүгүүнүн белгилүү деңгээлине жетүү зарылдыгы, ошондой эле психологдордун (Гуткина Н.И., Безруких М.М., Панько Е.А) пикири боюнча бала ички туюму менен ой жүгүртө билүүсү, натыйжада билимдердин запасын өзүндө топтоосу түзөт.

Экинчиден, **өзүн-өзү башкара билүүнү тарбиялоо багыты** болсо мектеп жашына чейинки куракта баланын эс тутуму жакшы, кабыл алуусу ачык, кунт коюусунун жеңил оодарылышы басымдуулук кылса да, бирок бала аларды өз алдынча башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Ал узак убакытка чейин кандайдыр бир окуяны, же чоңдордун сөздөрүн эстеп калса да аларга карата кандайдыр бир кызыгуу туулбайт, ошол себептүү бала көңүлүн бир жерге топтой албайт. Ошондуктан мектепке чейин бул процесстерди балада калыптандырууда бала мектепке киргенде өзүнө жаккан нерсени гана жасабастан, милдеттүү түрдө каалабай турган ишти аткарууга туура келерин түшүнүп, мындай жоопкерчиликти аң-сезимдүү түрдө сезе билүүсүн калыптандыруу зарылдыгы туулат.

Үчүнчүдөн, **окуугa болгон мотивдерди ойготуу, калыптандырууда** баланын билим алууга болгон умтулуусун ойготууга себеп болгон окуу мотивациясын тарбиялоо керек. Эгерде жогорудагы үч багыттын бири балада өнүкпөсө, анда даярдык процессинин компоненти бузулат [2,6,12].

Балдарды мектепке даярдоо – бул билим, билгичтик, ыкмаларды баланын өзүндө топтоосу гана эмес, алгач өз жүрүм-турумун көзөмөлгө алууну үйрөнүүсү, кунт коюусун узак убакыт бою бир объектиге топтой алуу жөндөмү (кунт коюунун эрктүүлүгү), алдына тапшырма коюп, аны аткарууну пландаштыруу жана өз убагында аткара алуу зарылдыгы эске алынышы керек.

Баланы мектепке даяр кылуу – бул жеке-өздүк максат эмес, ал мектепке чейинки баланын кызыгууларын жана керектөөлөрүн канааттандыруучу, анын бүтүндөй жашоосун оң эмоцияга жык толтуруу максатын көздөгөн чөйрөнүн уюшулган ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп саналат [2]. Даярдоо процессинде баланын алган билими, дүйнө таанымы жана пикир алышуу жөндөмү келечекте инсан болуп калыптануусунун негизги шарты боло алат. Ошол себептүү бала өзүндө билим топтоп, анын жардамы менен балага зарыл болгон турмуштук тапшырмаларды чечүүнү үйрөнүүсү, өзүн-өзү реализациялоосу алдыңкы планга чыгат.

Ошондуктан комплекстүү даярдыкты талапка жооп берерлик деңгээлде ишке ашырууда психологиялык жактан даярдоо процессиндеги проблемалар жана аларды болтурбоо же жоюуга карата маалыматтар кийинки бөлүмдө берилет.

## Балдарды мектепке даярдоодо психологиялык проблемалар жана аларды жоюунун жолдору

Балдарды мектепке даярдоо процессинде баланын дене жактан жетилүүсү чоң роль ойноп, илимде ага карата ар кандай көз караштар бар [4, 18]. Жалпы дене жагынан даярдыкка: норма боюнча салмак, бою, көкүрөк өлчөмү, булчуң тонусу, пропорциясы, терисинин жабылышы, 6-7 жашка дал келүүчү нормада эркек баланын же кыз баланын өсүүсү кирет. Ошону менен бирге көрүү сезүүсү, фонематикалык угуу туюусу, көрүү анализи, артикуляция, колдун моторикасынын өнүгүшү (майда моторикасы же манжалардын жазууга даяр болушу), көз менен колдун координациялык системасынын талапка жооп берерлик деңгээлде болушу, ритмокоррекциясы, борбордук нерв системасынын абалы: анын козголуу деңгээли, тең салмактуулугу, күчү, анын иштөө темпи, баланын жалпы ден-соолугунун абалы эске алынат. Эгерде балада психофизиологиялык функциялардын калыптануусу кечеңдесе, анда баланын тез чарчоосу, окууга, же ар кандай иш-аракеттерге кош көңүл мамиле кылуусу, табитинин жоголушу, уйкусунун качышы, ашыкча тынчсыздануусу тактап айтканда, терс эмоциялардын басымдуулук кылышы байкалат. Мындай учурда бул багыттар боюнча сөзсүз тиешелүү адистерге (балдар психологу, психотерапевт ж.б) кайрылуу зарылдыгы бар.

Эгерде баланын майда моторикасы талапка жооп берерлик деңгээлде өнүкпөсө, анда кинесиологиялык программа боюнча балдарга дене тарбиялык мүнөттөрдү арнап, манжалардын көнүгүүсүн (гимнастикасы), балага музыканын коштоосу менен бир учурда эки колу менен күзгүлүү-симметриялык сүрөт тарттырып (тиркемени караңыз), шакекче көнүгүүсүн өткөрүп, мугалим баланын кол менен көздүн координациясынын дептерге карата туура ориентациясына көз салып (А.Л.Сирюток) турушу шарт [19].

Физиологдордун пикири боюнча майда моториканын өнүгүшүнүн таасиринде мээ кыртышынын жарым шары активдешет.

Психологиялык даярдыктын дагы бир компоненти болуп коомдук байланыштын негизги каражаты болгон речтик даярдык саналат. Балада речтин өнүгүү темпи талапка жооп берерлик деңгээлде болушу шарт. Бул куракта баланын речи монологдук речтен диалогдук речке өтөт. Речтин калыптанышы психикалык жактан өнүгүүгө чоң таасирин тийгизет. Эгерде речтик өнүгүүнүн бузулуусу (айрым бир тыбыштардын түшүп айтылышы, айрымдарын айта албоо, кекечтенүү, речтин айрым бөлүктөрүнүн

жоголуп кетиши ж.б) байкалса логопед-дефектологдорго кайрылып, бузулуунун себебин аныктап, коррекциялоо иштерин жүргүзүү менен балага жекече системалуу окутуу планын түзүп, ал боюнча иштөө зарылдыгы туулат. Даярдык процессинде интеллектуалдык даярдык да өтө маанилү, ага сөздүк запас, дүйнө тааным, атайын билгичтиктер гана эмес, аларды өздөштүрүү жөндөмү, таануучулук процесстердин эрктүүлүгү, алардын жакынкы өнүгүү зонасына ориентир алуусу, көргөзмөлүү-образдуу ой жүгүртүүнүн жогорку формалары, окуу тапшырмаларын өзүнчө бөлүп алып, аларды ишмердүүлүктөгү өздүк максатына айландыра алуу жөндөмү кирет. Изилдөөчү Е.О.Смирнова интеллектуалдык жактан даяр болуунун бала үчүн маанилүүлүгүн алардын жаңы нерселер менен таанып билүү жана үйрөнүүгө болгон жөндөмү аркылуу түшүндүргөн[19]. Интеллекти төмөн балада башка адамды уга албоо, сөз менен түшүндүрүү формасында логикалык операцияларды (анализдөө, салыштыруу, жалпылаштыруу, абстракциялоо, конкреттештирүү) аткара албоо проблемалары кездешет. Мындай шартта балага билим топтоосу үчүн камкордук көрбөстөн, анын коммуникативдүүлүк жөндөмүн өнүктүрүп, чөйрөдө көргөн нерселерин салыштырууга, анализдөөнү (туура ой жүгүртүүгө, картинка боюнча аңгеме түзүүгө) үйрөтүү зарыл.

Даярдоонун негизги компоненттеринин бири эмоциялык-эрктик даярдыкка көңүл бурууда баланын максат кое билиши, чечим кабыл алышы, иш-аракет планын болжолдуу иштеп чыга алуусу, аны ишке ашыруу үчүн күч сарптоосу, тоскоолдуктарды жеңе билүүсү кирип, натыйжада балада психикалык процесстердин өз алдынчалуулугу калыптанат. Даярдоо процессинде балага ар бир кылган иш-аракетин аң-сезимдүү түрдө башкара алуу жөндөмүн калыптандырууга түрткү болуу зарыл.

Бул багытта балдарга эстетикалык тарбия берүү курстары да чоң мааниге ээ болуп, даярдоо мекемелеринде төмөнкү тапшырмалардын негизинде иштөөсү мүмкүн:

- Балдардын курчап турган дүйнөнү эстетикалык кабыл алуусун, искусствонун, аткарган иштин, жаратылыштын сулуулугун көрүү жөндөмүн, элестөөлөрүн жана эстетикалык сезимдерин системалуу түрдө өнүктүрүү;
- Баланын көркөм-чыгармачылык жөндөмүн, сулуулукта жашоо керектөөсүн ачуу жана өнүктүрүү, сулуулукту сезе билүүсүн аныктоо, өз чөйрөсүн сонундар дүйнөсүнө айландырууга шарт түзүп, ага толук колдоо көрсөтүү;

- Жаратылышка, тиричиликке, коомдук жашоого, эмгекке болгон мамилесинде баланын эстетикалык табитинин негизин калыптандыруу ж.б.

Алдыга коюлган тапшырманы реализациялоо искусствонун ар түрдүү областтарында балдардын көркөм билгичтиктерин калыптандырууда ишке ашат. Аларды сүрөт тартууга үйрөтүү, пластилинден ийлеп чаптоону, кагазды толгоп нерсе жасоону, конструкциялоону, ырдоону, музыканын коштоосунда кыймыл-аракет жасоону, бийлөөнү, сөз байлыкты өнүктүрүү, жомокторду окуп, каармандарынын кыймылдарын анализдеген фильмдерди көрсөтүү, театралдаштырылган оюндарды ойнотуу, музыкалык жана адабий-тематикалык кечелерди өткөрүү, майрамдарга даярдануу иштери эффективдүү натыйжаларды берет. Жогорудагы иш-аракеттерге балдарды тартууда ар бири өз жөндөмүн көрсөтүүгө, жагымдуу чөйрөдө өзүн башкалар менен бирдей деңгээлде тургандыгын сезүүсү байкалып, ата-энесинин же башка аудиториянын алдында ырдап, же бийлеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Мектепке чейинки курактагы балдарды тиричиликтин эстетикасына тарбиялоо да өзгөчө орунда турат. Ал чоңдордун балдарга оң мамиле жасоосу, балдардын сүйлөө речинин туура, образдуу, басымга бай, жагымдуу болушуна көзөмөл кылуусу, баланын жана чоңдордун сырткы келбетине көңүл буруп, мезгилге жараша таза, тыкан кийинүүсү, стиль менен өңдүн шайкеш келиши, тыкан чач жасалгасы, косметика, парфюмерия, жасалгалоо буюмдары менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле балдарга эстетикалык тарбия берүүнүн каражаттарынын бири мекеменин жагымдуу территориясы болуп, балдар тегереги бак-дарактар жана гүлдөр менен курчалгандыгына, чымчыктардын сайрашына да маани бериши мүмкүн. Мындай чөйрөдө бала сулуулуктун гармониясын, өңдөрдүн, формалардын, үндөрдүн бири-бирине дал келишин көрүп-сезе алат.

Эстетикалык тарбия берүү иш-аракетинин ийгиликтүү ишке ашышы үй-бүлөдөн, бала менен даярдоочу адистин бири-бирин түшүнүүдөн, ишмердүүлүктүн биримдигинен көз каранды болот. Ата-эне, тарбиячылар, мугалимдер балдарга жогоруда аталган эстетикалык жашоо-тиричиликтин баалуулуктарын туюндуруп, алардын таасирин айтып берип, аларга китеп окуунун жана музыка угуунун маанисин түшүндүрүүлөрү шарт. Ал эми балдар чыгармачылыгын ишке ашырууга, алардын жан дүйнөсүн

эстетикалык сезимдер менен байытуу үчүн атайын шарттарды түзүү жана методикалык жактан камсыздоо (альбом, карандаш, пластилин, түстүү кагаздар, ар түрдүү боектор, балага жаккан оюнчуктар, жомок китептер м ) зарылчылыгы туулат. Ошондой эле курак өзгөчөлүгүнө жараша балдар стол, отургуч, магнит доскалары, окуу материалдарын сактоо үчүн стеллаждар менен камсыздалышы маанилүү.

Бүгүнкү күндө заманбап даярдоонун төмөнкүдөй эстетикалык багыттары бар:

1.Көркөм-эстетикалык багыт: хор, музыкалык-театралдык бөлүмдөр;

2. Музыкалык багыттардын чыгармачылык бирикмесинде жалпы эстетикалык тарбия бөлүмү: вокалдык бирикме, хореография, улуттук аспаптар, ВИА, эстрадалык музыка бирикмеси, театралдык студия, музыкалык моделдештирилген компьютердик технология;

3. Инструменттерде ойноону үйрөнүү бөлүмү: фортепиано, скрипка, виолончель, гитара, комуз, баян, чоор, чопо чоор, ооз комуз, кыл кыяк, аккордеон, контрабас, балалайка, флейта, труба, блок-флейта ж.б;

4. Социалдык-педагогикалык багыт: “Пифагор клубу”, “Дүйнөнүн математикалык модели”, “Бүтүндөй аалам, логикалык моделдер, кеп маданияты, экологиялык коопсуздук клубу” ж.б;

5. Декоративдик-прикладдык искусство бөлүмү: чеберлер шаары, уздар-усталар, жаратылыш кабинети, кагаз толгоо, чыгармачыл ийримдер;

6. Спорт жана дене тарбия багыты: шахмат клубу, балдар үчүн сууда сүзүү секциясы.

Балдарды комплекстүү даярдоо ишинде педагог максаттуу-багытта балага окуу материалын жеткиликтүү кылып, ырааттуулугу менен бүтүндүгүн сактап, алардын курагына жараша жекече мамиле кылуу принцибине таянып, гумандуулук менен мамиле кылууда ал баланын психологиялык өнүгүүсүндөгү системалуулукту сактоо жөндөмүнө ээ болот. Педагог баланын өнүгүүсүнүн бир гана жагына көңүл бурбастан бири-бири менен байланышкан, бири-бирине көз каранды болгон, бири-бири менен шарталуучу бардык компоненттерди өнүктүрүүгө, комплекстүүлүктүн (баланын өнүгүшү комплекстүү процесс, бир таануучулук процесстин өнүгүшү экинчи бир таануучулук процесстин, башка бир функциясынын өнүгүшүн шарттап, өнүгүүгө кошумча шарт боло алат) ыраатын сактоого, баланын курак

өзгөчөлүгү анын индивидуалдык өзгөчөлүгүнө (мүнөзү, темпераменти, жөндөмдүүлүгү) дал келишине көңүл буруп, сабактардын планын курактык өнүгүүнүн психофизиологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүнө шайкеш келтирүү менен түзүп, балдарга окуу жүктөмүнүн адекваттуулугун (мында эффективдүүлүк жогорулап, сабактын оптимизациясы күч алат) камсыз кылуу принциптерин сактоо өзгөчө мааниге ээ болот. Эгерде жалпы даярдоо курсунда  психикалык жактан өнүгүүсү кечеңдеген балдар болсо жетекчилик тарабынан алар үчүн атайын даярдоо тобун уюштуруп, аларга индивидуалдык мамиле жасоо менен мекемеде мугалим-логопед, ал эми  үйдө ата-эненин үзгүлтүксүз иш алып баруусун камсыздоо керек. Адистер жогоруда аталган балдарды мектепке даярдоо принциптерине таянуу менен иш алып баруусунда гана баланын мектепке даяр экендиги так аныкталат.

Даярдоо курстарында  комплекстүү даярдыкты камсыздоо үчүн төмөнкү сабактарды окутуу сунушталат. Алар: дене тарбия сабагы, айлана-чөйрө менен тааныштыруу сабагы, речти өнүктүрүү сабагы, сабаттуулукка үйрөтүү, жөнөкөй математикалык элестөөлөрдү калыптандыруу, ИЗО (сүрөт тартуу, пластилинден ийлеп чаптоо, аппликация) сабактары оюн түрүндө өтүлүшүнө өзгөчө маани берилет. Окутулган сабактардын, аларды компетенттүү мугалимдердин окутуп-тарбиялоосу, жогоруда психологиялык жактан даярдоо компоненттери баланын мектепке инсандык-социалдык жактан даяр болуусун камсыздайт. Натыйжада балада окуучу болууну каалоо, т.а, “Мен мектепке барам” аттуу ички позициясы пайда болот. Жаңы социалдык позициянын пайда болушу менен  окуу процесси үчүн зарыл болгон нравалык сапаттардын  калыптанышына өбөлгө түзүлөт. Психологиялык даярдыктын деңгээли педагогикалык жактан мектепке даяр болуу жактары менен катарлаш жүрүүсү окуу процессинин ийгилигин камсыз кылат десек болот. Ага баланын окуй алуусу, санай алуусу, жаза алуусу, уккан маалыматын кайра айтып бере алуу жөндөмү кирет. Мектепке даярдык деңгээлин текшерүүдө көпчүлүк учурда баланын педагогикалык даярдыгын гана эске алуу менен мектепке кабыл алып, психологиялык жактан даярдык деңгээли эске алынбай калган катачылыктар көп кездешет [24]. Ошондуктан баланын мектептеги окуугa даярдыгы жана мектеп чөйрөсүнө адаптацияланууусу анын психологиялык даярдыгынан көз каранды экендиги тууралуу төмөндө сөз болот.

## Баланын мектептеги окууга даярдыгы жана мектеп чөйрөсүнө адаптациялануусу

Баланын мектеп босогосун аттоосу жана окуунун алгачкы этабы баланын ишмердүүлүгүндө жана бүтүндөй жашоосунда кескин бурулушту пайда кылат. Бул учурда 6 жана 7 жашар балдар үчүн бирдей кыйынчылык туулат. Физиологдордун, психологдордун жана педагогдордун байкоосу боюнча айрым балдар жаңы шартка кыйынчылык менен көнүшүп, айрымдары күн тартибине, окуу программасына көнө алышпайт. Окутуунун традициялык системасы боюнча алар артта калышат же, класстан класска көчпөй калышы мүмкүн.

Бүгүнкү күндө билим берүүнүн традициялык системасы баланын өнүгүшү үчүн окууга зарыл болгон психофизиологиялык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүгүн талапка жооп берерлик деңгээлде өнүктүрүүнү камсыз кыла албай жатат. Мектепке барган бала физиологиялык жана социалдык мамилелерге даяр болуп, белгилүү бир деңгээлде акыл жана эмоционалдуулук-эрктүүлүк өнүгүүгө да ээ болуу зарылдыгын жогоруда белгиледик. Окуу ишмердүүлүгү айлана-чөйрө жөнүндө билим запасын жана жөнөкөй түшүнүктөрдү калыптандырууну талап кылат. Бала акыл операцияларына ээ болуу менен нерселерди жана айлана-чөйрөнүн кубулуштарын дифференциялап, жалпылаштырып, өз ишмердүүлүгүн пландаштырып, өзүн-өзү көзөмөлдөй алууга жетишүүсү керек. Окууга карата оң мамиле кылуусу, жүрүм-турумун башкара алуусу жана алдыга коюлган тапшырманы аткарууда эрктик аракеттердин ишке ашышы да өтө зарыл. Мындан тышкары пикир алышуу жөндөмү, майда моториканын өнүгүшү, көрүү-кыймылынын координациясынын маанилүүлүгүн да далилдөө аракеттери болду. Ошондуктан «мектепке даяр болуу» түшүнүгү комплекстүү, көп кырдуу болуу менен баланын жашоосунун бүтүндөй чөйрөсүн өзүндө камтыйт. Баланын мектептеги окууга болгон даярдыгынын структурасын жана компоненттерин түшүнүү

анын негизги критерийлеринен жана параметрлеринен көз каранды болот.

Азыркы мектеп  инсандын жекече психофизиологиялык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен ар тараптуу өнүгүүнү камсыз кылуучу окутуунун моделин издөөнүн үстүндө иш жүргүзүүдө. Окуу процессин индивидуализациялоонун эффективдүү формасы болуп, бала үчүн жагымдуу шарттын максималдуулугун камсыз кылуу менен балдарды өтө кылдат психологиялык-педагогикалык жана психофизиологиялык диагностикалоонун негизинде 1,2,3 деңгээлдеги класстарды топтоп, дифференцияланган окутууну уюштуруу маселеси саналат.

Төмөндө мектепке кире турган балдарды диагностикалоочу методикалар сунушталат. Алар бала бакчанын тарбиячыларына, башталгыч класстын мугалимдерине баланын мектепке болгон даярдык деңгээлин аныктоого жардам берет. Бардык методикалар ар кандай деңгээлдеги класстарды топтоодо апробацияланышы мүмкүн.   Баланын мектепке болгон даярдыгы төмөнкү параметрлер менен аныкталат: пландаштыруу, көзөмөл, мотивация, интеллектин өнүгүү деңгээли.

1. **Пландаштыруу** – баланын максатына шайкеш келген өз ишмердүүлүгүн уюштура билүүсү:
   - Төмөнкү деңгээл – баланын иш-аракети максатына дал келбейт;
   - Ортоңку деңгээл – баланын иш-аракетинин айрым бөлүгү максатына дал келет;
   - Жогорку деңгээл – баланын иш-аракети анын максатына толук дал келет.
2. **Көзөмөл** – бала иш-аракетинин жыйынтыгын алдына койгон максаты менен салыштыра билүүсү;
   - Төмөнкү деңгээл – жыйынтык менен максатынын шайкеш келбеши;
   - Ортоңку деңгээл – жыйынтык менен коюлган максаттын айрым бир бөлүгүнүн дал келиши;

- Жогорку деңгээл – жумшалган иш-аракеттин жыйынтыгынын максаты менен толук дал келиши.

3. **Окуу мотивациясы** – бала айлана-чөйрөнүн касиеттеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн, нерсенин жашыруун касиеттерин табуу аракети жана аларды пайдалана алуу;
   - Төмөнкү деңгээл – бала сезүү органдарына түздөн-түз таасир этүүчү гана нерселердин касиеттерине ориентир алат;
   - Ортоңку деңгээл – бала айлана-чөйрөнүн айрым бир касиеттерин жалпылаштырууну көздөп, аларды табуу менен иш-аракетинде пайдаланат;
   - Кабыл алууга мүмкүн болбогон нерселерди, айлана-чөйрөнүн жашыруун касиеттерин, анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн таап, ал билимдерди өз иш-аракетинде пайдаланууну каалайт.
4. **Интеллектин** өнүгүү деңгээли:
   - Төмөнкү деңгээл – башка адамды уга албоо, сөз менен түшүндүрүү формасында логикалык операцияларды (анализдөө, салыштыруу, жалпылаштыруу, абстракциялоо, конкреттештирүү) аткара албоосу;
   - Төмөндөн жогору - башка адамды уга албоо, сөз менен түшүндүрүү формасында логикалык операцияларды аткарууда каталарды кетирүүсү;
   - Ортоңку деңгээл – башка адамды уга албоо, сөз менен түшүндүрүү формасында жөнөкөй логикалык операцияларды (салыштыруу, жалпылаштыруу) катасыз аткаруусу, ал эми татаал логикалык операцияларды аткарууда (анализ, синтез, абстракция, конкреттештирүү) каталарга жол берилиши;
   - Жогорку деңгээл – башка адамдарды түшүнүүдө жана логикалык операцияларды аткарууда айрым бир катачылыктарга жол берилип, бирок аларды башкалардын жардамысыз өзү таап, оңдоосу;

- Өтө жогорку деңгээл – башкаларды уга билүү жөндөмү, сөз менен түшүндүрүү формасында бардык логикалык операцияларды толук аткара алуусу.

Жогоруда даярдыкты аныктоо параметрлери менен таанышуунун жыйынтыгында баланын мектепке даяр экендигин, же даяр эмес экендигин болжолдуу түрдө баалоого болот.

Ошентип, эгер ***бала мектепке даяр эмес болсо*** **–** өз иш-аракетин пландаштыра албайт, көзөмөлдөй албайт, окуу мотивациясы төмөн (сезүү органдарына гана ориентир алат), башканы уга билбейт, түшүнүү формасында логикалык операцияларды аткара албайт.

Ал эми ***мектепке даяр бала*** өз иш-аракетин пландаштырат, көзөмөлдөйт (же аракет кылат), айлана-чөйрөнүн касиеттеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн, нерсенин жашыруун касиеттерин табууга аракеттенүү менен аларды өз иш-аракетинде пайдалана алат, башкаларды уга билет, сөз менен түшүндүрүү формасында бардык логикалык операцияларды толук аткара алат.

Мындай мүнөздөгү жыйынтыкты алуу максатында балдарды толук изилдеп, текшерүүдөн өткөрүү мектепке кирээр алдында же балдарды мектепке даярдоо курстарынан кийин (май, июнь) жүргүзүлөт. Текшерүүнүн жыйынтыгынын негизинде баланын мектепке даярдыгы тууралуу жыйынтык маалыматты педагог, врач-педиатр, физиолог, логопед-дефектолог, психологдордун курамынан турган психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссия (ПМПК) берет. Ар түрдүү деңгээлдеги дифференциялоонун шартында комиссия 1,2,3 деңгээлдеги класстардын түзүлүшү зарыл. Анткени, мектепке болгон даярдык деңгээлдерге жараша баланын мектеп чөйрөсүнө адаптациялануу процесси ар кандай деңгээлде ишке ашат[17].

Баланын жаңы чөйрөгө тез көнүп кетүүсүнө учурдун талабына ылайык билим берүү, алардын кызыгуусун арттыруу максатын көздөө менен тиешелүү шарт түзүү багытында инновациялык билим берүү системасы алдыңкы планга чыгат.

## Мектепке даярдоо процессинде инновациялык билим берүү системасы

Кыргызстанда билим берүүнүн модернизациясынын стратегиясы заманбап мектепке чейинки билим берүү уюмдарынан балдарды мектепке даярдоонун мыкты сапатын талап кылат. Бул маселени ишке ашыруу үчүн,  мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын кадрлары бийик кесиптик курамды түзүшү керек жана алар кесиптик-педагогикалык баалуулуктардын жаңы системасын алып жүрүүгө, деңгээли жогорку кесиптик компетенттүүлүккө жооп берген, өзүн-өзү жана инсанды кесиптик өнүктүрүүгө жөндөмдүү, педагогикалык чыгармачылыкта өзүн көрсөтө алган кадрлардан болуусу керек.    Келечектеги тарбиячыдан ар бир кесиптик кырдаалды кабыл алууга даяр болуу жана ошондой эле алмашып, өзгөрүп туруучу шарттарга даяр болуу, мектепке чейинки билим берүү системасына инновациялык процесстерди киргизүү талап кылынат.

Инновация (англ. Innovation-жаңылык киргизүү) – илим жана билим берүү окутуу чөйрөсүнө жаңы көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү, жаңы формаларды киргизүү болуп саналат. “Жаңы нерсени киргизүү” түшүнүгү  практикага бул жаңычылдыкты киргизүү процесси катары аныкталат.  А.И.Пригожиндин эмгегинде буга мындай аныктама берилет: жаңы нерсени киргизүү – бул максаттуу багытталган жана белгилүү бир социалдык бирдикти – уюмду, коомду, группаны алып келген, туруктуу, жаңы элементтерди киргизген өзгөртүү. Ал эми Э.Днепров:  “Билим берүүдөгү жаңы нерсени жаратуу, өздөштүрүү, колдонуу жана жайылтуу ишмердүүлүгү”-деп эсептейт. Б.Сазонов аны жаңы нерсе менен байланыштырып, “Чыгармачылыктын жемиши катары баалайт жана коомдук мааниге ээ”-десе, М.Кларин: “Табигый мүнөзгө ээ, ишмердүүлүк жаатында өзгөрүүлөр менен коштолгон, ой–жүгүртүү стилиндеги өзгөрүү” деп белгилейт [2].

Бул багытта биринчиден, даярдоо иштериндеги инновациялык процесс  логикалык жактан бири-бири менен байланышпаган бир

нече ишмердүүлүктөрдүн же дидактикалык тапшырмалардын айкалышынан (комбинациясы) турушу мүмкүн, мисалы, сүрөт сабагынан кийин кыймылдуу оюндардын ойнолушу ж.б.

Экинчиден, комплекстүүлүк, же бир темага байланышкан бир нече ишмердүүлүктөрдүн каражаттары менен тапшырмаларды чечүү: мисалы, күз жөнүндө сүрөт тартуудан мурда жыл мезгили тууралуу ыр окуу, аңгеме менен таанышуу, ыр ырдоо. Мындай тартиптин сакталышында бир ишмердүүлүк экинчисине басымдуулук кылууда эмоциялык жагдай түзүлүп, балдардын чыгармачылыгын арттырат.

Үчүнчүдөн, интеграция – ар түрдүү билим берүү областында билимдерди бириктирип, бири-бирин толуктайт. Мисалы, «көңүл» деген түшүнүк музыканын, искусствонун, живопистин жана экологиянын да каражаты катары каралышы мүмкүн.

Интеграцияланган сабактар:

- Баланын жеке тажрыйбасын жалпылаштыруу, тереңдетүү, системалаштыруу;
- Күнүмдүк иштерде колдонулуучу иш-аракеттердин жаңы ыкмаларын өздөштүрүүнү камсыз кылуу;
- Ар түрдүү кырдаалда билим, билгичтик, көндүмдөрдү пайдалана алуу үчүн шарт түзүү максатын көздөйт.

Ал эми сабактардын түзүлүшү:

А)Мотивациядан – (балдарды анын мазмунуна багыттап, сабактын процессинде тарбиячы менен өз ара иш-аракетте болуусуна кызыгуусун арттыруу т.а, мугалим тарабынан баланын керектөөсү, кызыгуусу, каалоосу жетекчиликке алынат);

Б)Мазмунунан – (баланын түшүнүүсүнө жеткиликтүү, турмуштук болушу шарт);

В)Анализ же баалоодон – (мурда өздөштүрүлгөн жана жаңы өздөштүргөн маалыматын бекемдөөгө карата балдарга практикалык тапшырма берилет. Бала бул ишмердүүлүк менен кандай максатта алектенгендиги, эмнени үйрөнгөндүгү жана ишмердүүлүктүн жыйынтыгы тууралуу презентация кылышат) турат.

Мектепке даярдоо ишинде жаңы технологияларды колдонууда интеграцияланган сабактарды (бир сабакка бир нече сабакты бириктирүү) өтүү иши, албетте, бул жаңылык эмес, анын жаңылыгы мультимедиялык технологияны колдонуу аркылуу жаңы методикалардын негизинде өтүүдө жатат. Ал үчүн атайын техникалык жабдуулар талап кылынат. Ошондуктан жаңычылдыкты киргизүүдө дүйнөлүк жаңычылдык менен шайкеш келүүчү методикаларды пайдалануу  талапка ылайык десек болот.

Бүгүнкү күндө мектепке даярдоочу адис, же эң биринчи мотив боло турган же баланын мотивациясын ойгото турган ата-эне болуп саналат. Алар замандын талабына ылайык жаңычылдык менен кабардар болуп, баланын жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен ага ылайык келген даярдоо курстарына баланы берип,  мугалимдер менен тыгыз байланышта иш жүргүзүүсү шарт. Ага карата  үй-бүлөдө эненин жогорку билимдүүлүгү роль ойноп,  эгер ал жогорку билимдин ээси болсо, даярдоо курсуна баланы берүүнүн маанилүүлүгүн ошончолук жакшы түшүнөт. Калк арасында социологиялык суроо-жооп жүргүзүлгөндө бала бакчага барган балдардын энелеринин  87%ти орто жана жогорку билимге ээ экендиги аныкталган.

Учурдун талабына ылайык балдарды мектепке даярдоо процессине жаңычылдыкты киргизүү багытына дүйнөлүк педагогиканын негиз салуучусу М.Монтессоринин методикасы негиз боло алат.

## М.Монтессоринин методикасы боюнча балдарды комплекстүү даярдоо

Окуу-тарбия иши Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген альтернативалык программалык документтер боюнча мамлекеттик тилде, ырасмий тилде же башка улуттар басымдуу жайгашкан чөйрөдөгү ата-энелердин каалоосу боюнча тандалып алынган тилде жүргүзүлөт.

Бүгүнкү күндө балдарды мектепке даярдоо ишмердүүлүгүн, дүйнөлүк педагогиканын жетишкендиктерин вальдорфтук ыкма менен ишке ашырып келишет. «Вальдорфтук билим берүү – альтернативалуу педагогикалык система болуп саналып, анын максаты адамга табиятынан берилген жөндөмдүүлүккө, акылга, ал эми таанып билүүдө сезимтал мамилеге, образдуу ойлонууга жана кошо түйшөлүүгө негизделет. Антропософиянын түзүүчүсү Рудольф Штайнер «Вальдорф педагогикасынын» негиздөөчүсү болуп саналат. Анын урматына система «Штайнердик» же «Вальдорф-штайнердик» деп да аталат. Ал Бишкекте эле эмес, Баткенде да практикаланууда» - дейт коомдук ишмер Р.И. Отунбаева[16].

Жогорудагы система менен катарлаш бүгүнкү күндө өлкөбүздө адистер жаңы даярдоо программасы боюнча Мария Монтессоринин системасын жайылтуу жолун башташты. **Мария Монтессоринин методикасы ("Альтера лингва" мектеби)** "Роза Отунбаеванын демилгеси" деп аталган эл аралык коомдук фонд тарабынан киргизилип, эки жарым жылдык мөөнөт менен иштеп жатышат. М.Монтессоринин педагогикалык системасы үч бөлүктөн турат: бала, чөйрө, мугалим. Бул системанын борборунда бала туруп, анын тегерегинде атайын чөйрө түзүлүп, анда ал эркин жашап, окуйт. Монтессоринин педагогикасы ар бир балага жекече мамилени талап кылып, бала жеке өнүгүү ритмине жана багытына ылайык дидактикалык материалды жана сабактын узактыгын өзү тандай тургандыгын, алардын негизги максаты эртеңки күнгө келечек муунду инвестициялоо экендигин, бүгүнкү кичинекей, бирок, билимдүү балдарыбыз, эртең Кыргызстандын келечегин түзүп бере тургандыгын фонддун жетекчиси баса белгилейт[16].

Бул система боюнча сабактар негизинен окутуунун оюн формасына жана көнүгүүлөрдү өз алдынча аткаруу принциптерине таянат. Бул куракта оюн ишмердүүлүгү, анын ичинде сюжеттик-ролдук оюн алдынкы ишмердүүлүк болуу менен бирге, оюндун натыйжалуу жыйынтыктары окуу ишмердүүлүгүнүн түптөлүшүн

шарттап, ошондой эле баланын психикалык өнүгүүсүнө да чоң таасирин тийгизет. Методика баланын ой жүгүртүү, речь, эске тутуу, кыялдануу, майда моторика, пикир алышуунун ыкмаларын өнүктүрүүгө багытталат. Даярдоо процессинде балдар менен логопед-дефектолог иштейт. Психолог менен болгон өз ара иш-аракет окутуу процессинин эффективдүүлүгүнө тоскоол болуучу факторлорду четтетет. Даярдоо курстарына 5-7 жашар балдар кабыл алынып, сабактар жумасына эки жолу, 45 мүнөттөн өтүлөт. Методика эки кадамдан туруп, биринчиден, мектепке чейинки биринчи кадамында баланы бир жыл ичинде экспрессивдүү даярдоо, экинчиден, мектепке даярдоонун экинчи кадамында баланы эки жыл ичинде мектепке даярдоо маселеси каралат. Методикада баланы мектепке даярдоонун комплекстүү программасы төмөнкү этаптарды камтыйт:

Автор методиканы беш зонага бөлгөн:

1. **Практикалык жашоо зонасы.** Автор баланын өзүн-өзү тейлөөгө үйрөтүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, натыйжада өз алдынчалуулук жана өзүнө ишенүү сезими өнүгөт. Үй шартында тиричилик буюмдарын колдонууда, бала мурда нерсени туура эмес кармап, же пайдаланса, убакыттын өтүшү менен ал өз катачылыгын аң-сезимдүүлүк менен сезип, аны кайра оңдоого аракет кылат. Натыйжада бала социалдашуунун ыкмаларын өзүндө калыптандыра баштайт.
2. **Сенсордук өнүгүү зонасы.** М.Монтессори сенсордук өнүгүүгө өзгөчө маани берген. Мында бала сезүү органдарын өнүктүрөт: көрүү, угуу, жыт сезүү, даам сезүү, тери сезүү. Бул зонада “стереогностикалык сезим” деп аталган жөндөмдүүлүк өнүгүп, көрбөй туруп предметтерди формасы, салмагы, көлөмүн айырмалайт. Бул үчүн топчу-топчулуктар, цилиндрлердин түрдүү блоктору ж.б. материалдар колдонулуп, балдар чоң-кичине, узун-кыска, өйдө-төмөн түшүнүктөрү менен таанышат.
3. **Математикалык зона.** Бул зонада бала математикалык элестөөлөрдү, чөйрөнү, убакытты кабыл алууну калыптандырат. Жөнөкөй математикалык эсептөөлөр аркылуу балада сандык түшүнүк пайда болуп, математикалык логика (саноо) өнүгөт.
4. **Тилдик зона.** Мында негизги материалдар речти өнүктүрүүгө багытталат. Жазуунун негиздерин үйрөнүүдө штриховкалоо колдонулат. Тамгалар менен таанышууда алфавиттик тартипте тамгалар карточкаларга чапталып, үстү түз эмес формада (одур-бодур, кум сыяктуу, чуңкурчада) болот. Бул зонада өнүгүүнүн

өзгөчөлүгүндө балада эч нерсеге таасирленбей туруп күтүлбөгөн жерден жазуунун жана окуунун пайда болушу мүнөздүү.

5. **Бешинчи зонада** бала айлана-чөйрө тууралуу жалпы маалымат алып, биология, географиянын негиздери жана башка элдердин маданияты менен (этнопедагогика) таанышат.

Монтессори боюнча мугалим өз демилгеси менен балдарга билим, билгичтикти таңуулоо менен үйрөтпөйт, ал балага байкоо жүргүзүү менен баланын кайсы зонада иштеп жаткандыгын, кайсы материал менен иштөө бала үчүн ыңгайлуу экендигине көз салып баалоосу зарыл. Монтессори-мугалим баланы сындабайт, ал дайыма баланын жанында болуп, анын жекече өнүгүүсүндө колдоо көрсөтөт.

Методика боюнча даярдоо ишинде баланы сабаттуулукка үйрөтүүнүн негизи окуу жана жазууга (печатталган тамгалар менен) негизделет. Ошондой эле декоративдик-прикладдык искусство боюнча (сүрөт тартуу, пластилин менен ийлеп чаптоо, кагазды бурап бир нерсе жасоо, музыка) баланы жаратылыш материалдары (чопо, кум, топурак) менен иштөөнү үйрөтүүдө майда моториканын жана кыялдануунун өнүгүшү камсыз болот.

Даярдоо иштеринде кыргыз, англис, немец, орус тилдерин сюжеттик ролдук оюндун негизинде үйрөтүү иштери каралат. Кепти өнүктүрүү боюнча коммуникативдик ыкмаларга ээ болууга жана сөздүк запасты байытууга карата үйрөтүү иштери жүргүзүлөт. Балдар фитнеси - сабагында балада кыймылдар аркылуу өзүн көрсөтүү жөндөмдүүлүгү өнүгөт. Сабактар ар түрдүү координацияга жана кунт коюуга багытталган көнүгүүлөрдү камтыйт. Балдар музыканын коштоосунда өздүк көркөм образын түзүп, ритм боюнча эркин кыймылдоону да үйрөнүшөт. Өздүк аң-сезимдин калыптанышынын натыйжасында балада окуу мотивациясы ойгонуп, өз алдынчалык, өз күчүнө ишенүү сезими, реалдуу керектөөлөрүнөн негизгисин тандоо жөндөмү, өзүн оң баалоо (позитивдүү), жоопкерчилик, эмгекти сүйүү, социалдык жана коммуникативдик ыкмаларды өздөштүрүү сапаттары калыптанат. Натыйжада 4-6 жашар балада окуу ишмердүүлүгүнүн негиздери калыптанып, төмөнкү окуу ыкмаларына ээ болот:

- Уюштуруучулук (пландаштыруу жана пландаштырган ишти аткарууга) ыкмалары;
- Таанууучулук (байкоо, изилдөө, анализдөө, эстеп калуу, негизгини бөлүп алуу, проблеманы көрө билүү, анын үстүндө ой

жүгүртүү жана чечүү) иш-аракетине;

•Өздүк ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөгө жана баалоого;

•Практикалык жана акылга салып аткаруу иштерине болгон чыгармачылык мамиле жасоого үйрөнөт.

Баланын интеллектуалдык өнүгүүсү да ар тараптуу мүнөзгө ээ болуп, бул куракта чет тилдерди үйрөнүүгө жөндөмдүү болот, саноо гана эмес, ар кандай математикалык иш-аракеттерди аткарууга көнүгөт, өз эне тилинде саноо, жазууну (үн анализи, сөз түркүмдөрү жөнүндө түшүнүк) үйрөнөт, табигый илимдердин негиздери тууралуу маалыматтарга (биология, география, астрономия) ээ болот, убакыт, чөйрөгө ориентир алуу жана өзүн микрокосмостун бир бөлүгү катары сезе билүүсү байкалат. Бул методиканы колдонууда төмөнкү сабактардын түрлөрү окутулушу шарт:

•Сүрөт сабагы;

•Музыка сабагы;

•Дене тарбия сабагы;

•Балдарды математикалык жөнөкөй элестөөлөрдүн чөйрөсү менен тааныштыруу;

•Логиканы өнүктүрүү – предметтерди жана кубулуштарды анализдөө, салыштыруу, жалпылаштыруу, талкуулоо жана жыйынтык чыгаруу;

•Көркөм адабият жана речти өнүктүрүү (сөздүктү активизациялоо, байытуу, тилдин лексико-грамматикалык каражаттарын өнүктүрүү, салыштыруулар жана эпитеттер менен таанышуу);

•Этноэкологиялык тарбия сабагы (зоопарк ж.б. менен тааныштыруу);

•Этнопедагогика боюнча тарбиялык сааттар (кыргыз элинин көркөм мурастары, каада-салттар, традициялар менен тааныштыруу);

•Окутуунун сабаттуулугуна даярдоо: (сөздүн үндүк анализи, сүйлөм жөнүндө элестөөлөрдү калыптандыруу, «үн», «муун», «сөз», «сүйлөм» деген түшүнүктөрдү айырмалоо);

•Чыгармачылык ишмердүүлүк (түстөр менен иштөө, өңдөрдүн адамга тийгизген таасири, предметтүү образдарды, композицияларды түзүү);

•Көркөм конструкциялоо (лепка, аппликация, кабыл алуу, ой жүгүртүү, кыялдануунун өнүгүшү);

•Декоративдик-прикладдык искусство менен тааныштыруу үчүн тарбиялык сааттар;

•Гуманитардык сабактар;

•Компьютердик курстар;

•Экологиялык сабактар;

•Музыкалык-драмалык сабактар.

Өзгөчө көңүл балдардын жекечелигине бурулат: (мүнөзү, темпераменти, жөндөмдүүлүгү) өнүгүүнүн темпи, балдардын ишмердүүлүгү, маанайы эске алынып, балдардын өз ара ишмердүүлүгү жана педагогдун балдар менен болгон өз ара иш-аракети диалогдун жана активдүү кызматташуу мүнөзүн алып жүрөт. Сабактардын көпчүлүгү оюн түрүндө өткөрүлөт. Ошону менен бирге балдарды методикалык жактан камсыздоо жагы да каралат:

•Балдардын санына жараша сүрөт тартуу үчүн альбом (А5 форматта);

• Балдардын санына жараша калем сап (гелиевая ручка);

•Балдардын санына жараша трафареттик сызгыч;

•Балдардын санына жараша трафареттин түрлөрү (набор);

•Ар бир теманы штриховкалоо үчүн картинкаларды демонстрациялоо үлгүсү (А3 форматта);

•Балдардын санына жараша ар бир теманы штриховкалоо үчүн картинкалардын үлгүлөрүн тартып берүү; Мисалы, “Автобуста” деген теманы сунуштап, автобустун курулушун жана аны штриховкалоо, же “Биз менен чогу кайсы жаныбар жашайт?” деп, мышыкты элестетүү менен аны штриховкалап тартуу.

•Темага жараша репродуктивдүү плакаттар, иллюстрациялар;

•Ичке сызык дептер (1 дептер 10 күнгө деген эсеп менен);

•Чакмар дептер (1 дептер 10 күнгө деген эсеп менен).

Методиканы колдонуу жаатында төмөнкү иштерге: тез жана сапаттуу жыйынтык алууга, баланын көркөм образдарды кабыл алуусуна, үндөрдү ажыратуу жана тамгаларды тартуу изографын пайдалануу аркылуу сабаттуулукту өздөштүрүүсүнө, балада

таануучулук жана чыгармачылык тапшырмаларды чечүү ыкмаларын калыптандырууга жана өнүгүү процессине өтө этияттык менен мамиле жасоого багытталат. Учурда бул дүйнөлүк методика кеңири кулач жайып, өзгөчө Россия Федерациясында балдарды мектепке даярдоо проблемасы жакшы жолго коюлуп, дээрлик көпчүлүк даярдоо курстарында аталган ыкма колдонулуп келет. Мектепке чейинки курактын Россияда 58%ти даярдоо курстарына барышат. Даярдоо процесси жалпы билим берүү мекемелеринин базасында жана бала бакчанын базасында даярдоо мекемелери болуп бөлүнөт. Жалпы билим берүүнүн базасында балдар 5-7 жаштан, ал эми бала бакчанын базасында 3-4-6 жаштан барышат. Баланы курак өзгөчүлүгү жана психикалык жактан өнүгүү деңгээлине жараша даярдоо курстарына берилет. Кошумча билим берүү программасын реализациялоо (акы төлөө менен), ата-энелердин кызыкчылыгын эске алуу, сунуштарын кабыл алуу менен коррекциялоо иштери, социалдык-психологиялык колдоо, коррекциялык-педагогикалык жардам көрсөтүү иштери да параллелдүү жүргүзүлөт. Мекеме даярдоонун формасын, каражаттарын, окутуу жана тарбиялоонун методдорун, баалоо системасын, тартибин өздөрү тандоодо баланын дене жагынан жана психикалык ден-соолугуна зыян келтирбейт.

Бул багытта даярдоо курстары окуу ишмердүүлүгүн өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон баланын дене жагынан, психикалык, инсандык деңгээлин эске алуу шартында иштөөсү талапка ылайык.

Заманбап технологиянын жардамында көпчүлүк үй-бүлөлөр балдарын даярдоого интернет боюнча заказ менен интернет-семинар курстарынан, видеосабактардын кызматын пайдаланышат.

Бүгүнкү күндө өлкөбүздө муниципалдык бала бакчалар, менчик бала бакчалар, атайын мектепке даярдоо борборлору, үй шартында даярдоо, санитардык типтеги бала бакча (күнү-түнү иштөөчү, ден-соолугу начар, начар уккан (дүлөй), начар көргөн (сокур) балдар үчүн бала бакчалар жана алардын алдындагы даярдоо курстарынын иш-аракеттери да жогорку критерийлерди эске алуусу шарт. Бул ишмердүүлүккө байланыштуу балдарды психологиялык жактан, же комплекстүү даярдоо иштерине карата ата-энелерге кеңеш берүү зарылчылыгы туулат.

## Балдарды мектепке психологиялык жактан даярдоо боюнча ата-энелерге кеңештер

Учурда мектепке чейинки мекемелердин негизги тапшырмаларынын бири баланын психологиялык жактан талапка жооп берерлик деңгээлде өнүгүшү үчүн үй-бүлө менен тыгыз өз ара иш-аракетти камсыз кылуу иши десек болот. Үй-бүлө бала үчүн коом менен анын жашоосун байланыштыруучу биринчи звено болуп саналат. Ата-эне бала үчүн речтик жана тилдик үлгү болуп, аларды угуу, чагылдыруу аркылуу өнүгөт. Баланы чөйрө качан уга алган кезде гана алар менен пикир алышып, сүйлөшкөндү үйрөнөт. Ошондуктан эң алгач ата-эне баланын тилди үйрөнүү, речти өнүктүрүү принцибин эсепке алышы зарыл. Бул негизде ата-эне тарбиялоодо гана эмес, окутууда да баланын ишенимине кире алат.

Баланы мектепке даярдоо процессинде ата-эне баланын күн тартибине өзгөчө көңүл бурушу керек. Күн тартиби − бул бир суткада уйкунун, тамак ичүүнүн, эс алуунун, ар кандай ишмердүүлүктүн рационалдуу, так кезектешүүсү болуп саналат. Эгер ал туура эмес түзүлүп, же аткарылбай жатса, аны сөзсүз тууралап, аткарылышына көзөмөл жүргүзүү зарыл. Ал баланын ден-соолугу үчүн гана эмес, туруктуу күн тартиби баланын ишмердүүлүгүн уюштуруп, келечектеги окуучуну тартипке, убакыт менен эсептешүүгө үйрөтөт. Ошондой эле баланын үй-бүлөдөгү жашоосун уюштура билүү да маанилүү, ал максаттуу болуп, үйдөгү жашоонун ар бир күнү балага кубаныч тартуулашы зарыл. Мектеп балага чоң талапты коет, ал системалуу окуу эмгегине кирет, анын жаңы милдеттери, камкордугу пайда болот, ал көп убакыт кыймылдабай отурууга туура келет. Эгерде туура, так күн тартибине көнгөн бала болсо мындай өзгөрүүлөрдү аң-сезимдүүлүк менен кабылдап, ден-соолугу гана эмес, ийгиликтүү окууну да камсыз кылат. Көпчүлүк ата-эне баласынын эрк мүмкүнчүлүгүн толук баалай алышпайт, анын күчүнө ишенишпейт, айрым балдар бала бакчада өз алдынчалуулугун көрсөтүп, үйдө ата-эненин жанында болсо алсыз, өзүн ишене албай, чечкинсиз болуп калышы ыктымал. Баланы мектепке даярдоодо чоңдор көпчүлүгү баланы

санаганга, окуганына көңүл буруп, анын өз алдынчалуулугуна, жопкерчилигине, уюштуруучулук жөндөмүнө маани беришпейт.

Үй-бүлөдө нравалуулукка тарбиялоо алдыңкы орунда турат. Ийгиликтүү үй-бүлөлөргө тууганчылык эмоциялык байланыш, түзмө-түз байланыш, сүйүүнүн ачыктыгы, камкордук көрүү сезимдери мүнөздүү болсо, айрым үй-бүлөдө мындай көрүнүштөр байкалбайт. Ошол себептүү мектепке чейинки курактагы бала үчүн ийгиликтүү үй-бүлө чөйрөсүнүн таасири өтө чоң. Балага ата-эненин сүйүүсү, эркелетүүсү өтө зарыл, үй-бүлөнү толук канааттандыруучу чоңдор менен пикир алышууга да бала өтө муктаж болот. Ата-эненин сүйүүсү баланын жооп реакциясын тарбиялап, аны өзгөчө нравалык установкаларды өзүндө калыптандырып, ата-эненин талабын  тез кабыл алуусуна көнүгөт. Бала үй-бүлөлүк мээримге, сүйүүгө курчалып турса, ал өзүн сүйүктүү, күчтүү сезип, оң эмоция басымдуулук кылып, өздүк “Мендин” баалуулугун сезет. Тескерисинче, үй-бүлөдө  көңүл бурууга муктаж баланын  максатка жетүү аракетинде активдүүлүгүн көрсөтө албай жана ошондой эле мугалимдин тапшырмасын аткаруу ишин да уюштурууга жөндөмсүз болот. Мындай жыйынтыктын залалы келечекте бүтүндөй окуу процессине терс таасирин тийгизип, сабакка жетише албоонун бирден-бир себеби болот.

Баланын жекечелигин (индивидуалдуулугун) коллективизмде тарбиялоо, баланы адамдар арасында өз алдынча жашоого көнүктүрүү дээрлик бардык үй-бүлөдө жокко эсе. Коллективизмдин өтө баалуу, ар бир адам үчүн керектүү жактары бар, анын маңызында: “эгер өзүмдүн чөйрөмдөн кандайдыр бир белгини сезсем мен аны өзүм айта алам, өзүмдү реализациялай алам” деген принцип жатат. Баланын балдар бакчасында, үй шартында кызыгуусун, керектөөсүн, каалоосунун кайсынысын биринчи иретте канааттандырууга умтулгандыгын чөйрөнүн кийлигишүүсүз сырттан байкоо зарыл. Учурда ата-эне баланын өзүнө багыт алуусуна өзгөчө маани берүү керек. Кээ бир баланын кызыгуусу ж.б. чоңдордун же курбалдаштарынын кызыгуулары менен дал келиши мүмкүн, мындай учур баланын коллективдүү багыттуулукка болгон алгачкы иш-аракетин аныктайт.

Оюн-мектепке чейинки баланы нравалуулукка тарбиялоодо эффективдүү каражат болуп саналат. Оюндун эмоциялык жагы үй-бүлөдө мүчөлөр арасында мамилени аныктайт. Бул мамиледе баланын чоңдорду чагылдыруу аракети ишке ашат. Үй-бүлөдөгү мүчөлөрдүн ортосундагы демократиялык мамилелер пикир алышууда ачык көрүнүп, ал оюнга өтөт. Эгерде балага ата-эне өздөрүнө жаккан татаал оюнчуктарды сатып беришсе, анда бала чоңдор баалаган оюнчуктан канааттануу албайт. Оюнчуктар анын кызыгуусун ойгото турган, анын чыгармачылыгына мотив боло турган ийкемдүү, кызыктуу болушу шарт. Оюндун сюжети камтыган белгисизди таанууга болгон кызыгуу, ой жүгүртүүнүн жана речтин өнүгүшү, чөйрөгө болгон чыгармачыл мамиле окуганга жана жазганга караганда өтө маанилүү. Оюнда баланын ойлоп табууга, демилге көтөрүүгө, активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүү керек. Ата-эне баланын көп нерсеге жөндөмдүү экендигин, анын өз күчүнө ишенерин эске алуусу керек. Эң негизгиси баланын ийгилигин белгилеп, кемчилигин айтпастан, аны дайыма мактоо зарыл. Натыйжада бала үй-бүлөлүк тууганчылык мамилеге ориентер алып, үй-бүлөдө өзүн башкаруу, ар кандай шартта өзүн баш ийдирүү, каалоосун канаттандыруу калыптанат, т.а, балада рефлексия өнүгөт. Баланын инсандык калыптануусунда “Мен каалайм” мотивинин жардамында кийинчерээк “Мен бул ишти аткарууга милдеттүүмүн” деген сезими басымдуулук кыла баштайт.

Мектепке чейинки курактын жогорку мезгилинде мектепке карата мотивациялык даярдыкка өзгөчө маани берилет. Ошондуктан бүгүнкү күндүн талабына ылайык балдарды мектепке даярдоо маселесинде ата-энелер менен иштөөнүн инновациялык формалары болуп төмөнкү учурлар саналат:

- Ата-энелер менен бирдикте баланын дене жагынан даярдыгын гигиеналык жактан оптималдаштыруу;
- Балдарды мектепке даярдоодо ата-энелердин керектөөлөрүн активдештирүү;
- Ата-энелердин педагогикалык билимин жогорулатуу;
- Педагог менен ата-эненин өз ара иш-аракетин

оптималдаштыруу;

- Педагогикалык максаттуу-багыттуулуктун жардамында баланы уюштура билүү;
- Баланын өздүк баалоосу, уникалдуулугун туюндуруу;
- Курактык жаңы түзүлүшкө басым жасоо;
- Педагогдун жана тарбиячынын максаттуу-багыттуу, аң-сезимдүү, бирдиктүү жетекчилиги;
- Баланын бүтүн гармониялуу өнүгүүсүн камсыз кылуу;
- Иш-чаралардын системасы (ата-энелер чогулушу, "Тегерек стол", уюштуруучулук-ишмердүүлүк оюндары, жекече кеңеш берүү иштери (индивидуалдык консультация), психолог менен ата-эненин тыгыз байланышы).
- Маалыматтык-таануучулук ишмердүүлүктү бирдикте жүргүзүү;
- Бирдиктүү оперативдүү-кыймыл.

Жыйынтыктап айтканда, ата-энелерге кеңеш берүүдө алардын педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу, баланы мектепке даярдоо ишмердүүлүгүндө билим берүү мекемеси менен тыгыз өз ара иш-аракетке багыттоо максатын көздөдүк.

## Корутунду

Учурда өлкөбүздө балдарды мектепке даярдоо курстары кулач жайып келе жатат. Мектеп жашына чейинки курактагы балдар үчүн окуу программалары иштелип чыгып, алардын талапка жооп берерлик деңгээлде өнүктүрүү максатын көздөшү, өзгөчө психологиялык жактан даяр болуу маселесин алдынкы планга чыгаруу максатка ылайык. Комплекстүү даярдоо ишинде ар бир баланын курак өзгөчөлүгүнө, психологиялык өнүгүүсүнө, жөндөмүнө, дүйнө таанымына, өзүн уюштура билүүсүнө ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карап мамиле жасоо, курагына туура келген методикаларды колдонуу менен даярдоо ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн арттырууга болот. Натыйжада, баланын даярдык деңгээлине жараша комиссиянын жыйынтыгы менен балдар 1,2,3 деңгээлдеги класстарга туура келет. Ошол себептүү сунушталып жаткан окуу-методикалык колдонмодо бүгүнкү күндө өлкөбүздөгү даярдоо ишмердүүлүгү, методикалар, курстар, интеграцияланган сабактардын түрлөрү, даярдай турган бүгүнкү күндүн адистери тууралуу берилген маалыматтар даярдыкка болгон иш-аракеттердин натыйжалуулугун арттырууга, бул негизде баланын окуу мотивациясынын ойгонушу үчүн да комплекстүү даярдык менен камсыздоо ишине да алынча түрткү боло алат.

Учурдун талабына ылайык аң-сезими жетилген, ден-соолугу чың баланы (мүмкүнчүлүгү чектелген бала да) сөзсүз түрдө даярдоо курстарына каттап, окутуп-тарбиялоо процессине тартып, мектепке психологиялык жактан өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнө жараша даярдык менен киргизүүдө, анын чөйрөдөгү адамдардын күндөлүк жашоосуна катышуусу, жасаган иш-аракетин өздүк милдети катары кабылдоосу келечекте окуудагы ийгиликти камсыз кылат. Ошондуктан коомдук өнүгүү ар бир ата-энеден даярдоо курстары менен кабардар болуп, баласынын келечегине кайдыгер карабастан педагог, психолог, тарбиячылар менен тыгыз байланышта, бирдиктүү иш жүргүзүп, баланы даярдоо ишине активдүү катышуусун талап этет.

Мектепке даярдоочу адистердин, студенттердин, ата-энелердин жана келечектеги мектепке чейинки кесип ээлеринин жогоруда биз сунуштаган кеңештерди эске алуусу да маанилүү.

Адатта, бул иштелмеде козголгон маселелер даярдоо иши менен байланышкан проблемаларды толук чече албаса да, мектепке даярдоого коомчулукту тартууга, комплекстүү даярдоо иштери менен таанышууга, методикаларды сабаттуулук менен пайдаланууга, ага карата иш-аракет кылууга тиешелүү деңгээлде шарт түзөт деген ойдобуз.

## Адабияттар:

1. Алексеева М.М., Яшина В.И. Речевое развитие дошкольников. – М.: 1998.
2. Агапова И.Ю., Чеховская В.Б. Инновационные технологии в ДОУ. Начальная школа, 2004. - №3.
3. Безруких М.М., Ефимова С.П. Ребенок идет в школу. – М.: 1998.
4. Божович Л.И. Детская психология. – М.: 1960.
5. Выготский Л.С. Собр.соч.Т.4. Детская психология. – М.: 1984.
6. Волкова Б.С. Психология детства. – М.: 1997.
7. Гуткина Н.И. Психологическая готовность к школе. – М.: 1993.
8. Гаврина С.Е. Большая книга тестов. М.: 2012.
9. Дубровина И.В. Возрастная и педагогическая психология. – М.: 2008.
10. Жумалиева Ж. Жаш курак психологиясы. – Б.: 1999.
11. Истратова О.Н. Практикум по детской психокоррекции: игры, упражнения, техники. –М.: 2008.
12. Коломинский Я.Л., Панько Е.А. Учителю о психологию детей шести летнего возраста. – М.: 1988.
13. Коломинский Я.Л., Панько Е.А. Детская психология. – М.: 1988.
14. Кравцова Е.Е. Разбуди в ребенке волшебника. – М.: 1996.
15. Крулехт М. «О программе «Детство», // «Дошкольное воспитание» №5, 2004 г., ст.21.
16. Курак психологиясы. Окуу куралы. – Б.: 2011.
17. Мухина В.С. Психология детства и отрочества. – М.: 1998.
18. Отунбаева Р. "Кенже курактагы балдарга көңүл буруу – артыкчылыктуу багыт"// Шоокум журналы. – 2013, апрель.
19. Пиаже Ж. Речь и мышление ребенка. – С-П.: 1997, 54-78 стр.
20. Под ред Марковой Т.А., Сохина Ф.А. Подготовка детей к школе. – М.: 1998.
21. Смирнова Е.О. Психология ребенка. – М.: 1997.
22. Урунтаева Г.А., Афонькина Ю.А. Практикум по дошкольной психологии. – М.: 1998.
23. Узорова О.В., Е.А.Нефедова. 350 упражнений для подготовки детей к школе. М.: 2010.
24. Усенко Л.В. Материнская школа. Готовим детей к школе. – Б.:2002.
25. Фельдштейн Д.И. Социальное развитие в пространстве – времени детства. – М.: 1997, 15-51.
26. Чолпонкулова Н.Т., Акмолдоева А.Ж. Баланы мектепке даярдоонун теориялык жана методикалык маселелери. – Каракол.: 2009.

**№1 тиркеме**

## Мектептеги окууга даярдыкты диагностикалоо методдору

Мектепке даярдоо ишинде психодиагностикалык методдор аркылуу даярдык деңгээлин текшерүү ийгиликтүү натыйжаларды бере алат. Баланын мектептеги окууга даяр болуусу мотивациялык, речтик, эмоциялык-эрктик, интеллектуалдык абалын системалуу түрдө изилдөө аркылуу аныкталат. Жогорудагы ар бир чөйрө адекваттуу методикалардын жардамы менен үйрөнүлүп, негизинен төмөнкү сапаттарды: психикалык өнүгүү деңгээлин, белгилүү деңгээлде ыкма, билгичтиктерге ээ болуусун, интеллектуалдык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн, билимдерди операциялоо өзгөчөлүктөрү болгон дифференциациялоону, белгилерди алмаштырууну, негиздүүсүн бөлүп алууну, ой жүгүртүүнүн индивидуалдуу өзгөчөлүгүн, фонематикалык ишмердүүлүктүн абалын, эмоциялуу-эрк чөйрөсүнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, мотивациялык чөйрөнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, мектептеги окууга болгон мотивдерди аң-сезимдүүлүк менен сезүүсүн аныктоого багытталат.

Изилдөөчү психологиялык диагностикалоого чейин мектепке чейинки мекеменин балага берген мүнөздөмөсү (тарткан сүрөттөрү, жасаган иштери) менен таанышуу зарыл. Ал баланын ишмердүүлүгү менен таанышкандан кийин табигый шартта (оюн, сабак, эмгек тапшырмаларын аткаруу учурунда) изилдөө башталат.

Изилдөөчү бала менен эмоциялуу байланыш түзүү үчүн алгач аңгемелешүүдөн баштайт. Анын мааниси баланын курчап турган чөйрөгө карата ойлорун, элестөөлөрүн байкоого жана бала сүйгөн оюн, сабагы аркылуу кызыгуусун текшерүүгө багытталат. Эгер бала суроодон четтесе, же пикир алышуудан баш тартса, анда кызыктыруу максатында китептерди, оюнчуктарды сунуштаса болот.

Изилдөө процессинде тынч, жагымдуу жагдай, талапка жооп берерлик деңгээлде эмоциялуу тон, баланын инсанына карата сый мамиле зарыл.

Психологиялык-педагогикалык изилдөө программасы төмөнкү этаптардан турат:

I. Бала тууралуу маалыматтар менен таанышуу (Ф.А,А.,

туулган жери, жылы, айы, дареги, жынысы, курагы, бала бакчага барабы, барбайбы, үй-бүлөнүн курамы, башка туугандары,үйдөгү баланын саны, атасынын иштеген жери тууралуу маалымат, энесинин иштеген жери тууралуу маалымат, үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык абалы ( жетиштүү шарт, ж.б.), ата-энесинин ден-соолугунун абалы, баланын ден-соолугу, дене жактан өнүгүүсү (салмагы, бою), кыймылдагы бузулуу (паралич, кеч түшүнүү, бекинүү, стереотипке болгон көз карандылык);

II. Мектептеги окууга баланын даярдыгынын абалын диагностикалоо;

III. Мектептеги окууга баланын даярдыгынын картасын түзүү;

IV. Даярдыктын жекече (индивидуалдуу) өзгөчөлүгү боюнча жыйынтык чыгаруу;

V. Психологиялык-педагогикалык сунуштар;

VI. Изилдөөгө протокол түзүлөт.

Ар бир методика тигил же бул маселени чечилишине зарыл болгон эрежелердин жыйындысынан турат (алгоритм):

1. Методиканын аталышы;
2. Методиканын автору;
3. Методиканы дайындоо;
4. Методика боюнча изилдөөгө жабдуулар;
5. Изилденүүчү үчүн инструкция;
6. Изилдөө процедурасы, анын улантылышы жана жүрүм-турум формалары;
7. Изилдөөнүн жыйынтыгын иштеп чыгуу;
8. Жыйынтыкты шкала боюнча баалоо;
9. Курак нормалары;
10. Результатты интерпретациялоо.

Ар бир психологиялык позициялар жана методикалар боюнча баланын өнүгүү деңгээлин аныктоо системасы иштелип чыккан. Төмөнкү белгилер боюнча беш деңгээл көрсөтүлөт:

1-деңгээл – өтө жогору;

2-деңгээл – жогору;

3-деңгээл – орточо (норма);

4-деңгээл – төмөн;

5-деңгээл – өтө төмөн.

**Изилдөө процессинде ар бир конкреттүү методикада төмөнкү жалпы учурларга көңүл буруу керек:**

•Баланын инструкцияны түшүнүүсү. Тапшырманы берүүдө, инструкцияны кандайча кабыл алгандыгын, түшүнгөндүгүн, эгер түшүнбөсө түшүндүрүүгө аракет кылуу;

•Тапшырма аткаруудагы ишмердүүлүктүн мүнөзү. Бала сунушталган тапшырманы кызыгуу менен же жасалмалуулук менен аткарып жаткандыгын тактап, байкоо керек. Кызыгуунун туруктуулугуна көңүл буруп, айрыкча ишмердүүлүктүн максаттуу-багыттуулугу, тапшырмаларды аткаруу ыкмалары, кунт коюунун концентрациясы, ишке болгон баланын жөндөмү, жардамга муктаж экендиги өзгөчө мааниге ээ болот;

•Баланын жыйынтыкка болгон реакциясы, изилдөөнүн фактыларына карата жалпы эмоциялык реакциясы. Ишке болгон мамилеси, мактоого же канааттанбоого карата реакциялар катталат. Бул байкоолор изилдөөнүн формалдуу экендигине жол бербестен, баланын ишмердүүлүгүнүн структурасын анализдөөгө, анын өзгөчөлүктөрүн ачууга мүмкүнчүлүк берет;

•Психологиялык изилдөө учурунда речтик бузулуудагы катачылыктар катталат;

•Речтик бузуулары бар балдарга логопедден кеңеш алуу сунушталат. Психикалык өнүгүүсү боюнча төмөн жана өтө төмөн деңгээлдеги балдар атайын кошумча психоневрологиялык текшерүүдөн өтүшү зарыл. Анын жыйынтыгы изилдөө протоколунун негизинде баланын жекече (индивидуалдуу) картасына түшүрүлөт;

•Баланы диагностикалык изилдөөдөн өткөрүүчү методикалык ыкмалар мүмкүн болушунча кыска – экспресс-методика болушу зарыл;

Диагностикалык интервью узак жана тажатма (скучный) болбостон, диагностиканын тапшырмаларына жана баланын курак өзгөчөлүгүнө жараша ар түрдүү модификациялардын колдонулушу зарыл. Бул максатта оюнчуктар, кагаз, карандаш, фломастер колдонуу ылайыктуу, анткени бала өз пикирин, сезимин сүрөт аркылуу жеңил  чагылдыра алат.

**Жыйынтыктап айтканда, даярдоо курстарына барган баланын өнүгүүсүндө төмөнкүдөй даярдык критерийлери аныкталышы күтүлөт:**

1. Нормалдуу дене жагынан өнүгүүсү жана кыймылдын координациясы: өнүккөн мускулатура, кыймылдын тактыгы, колдун манжаларынын так, ар түрдүү, майда кыймыл-аракеттерди аткарууга даярдыгы, колдун кыймылы менен көрүүнүн дал келүүсү, калем сап, карандаш, кисточканы пайдаланууну үйрөнгөндүгү;

2. Окууну каалоо: окуунун мотивдеринин алдыңкы орунда турушу, ага болгон мамиленин зарылдыгы, билим алууга умтулуу, белгилүү бир окуу предметине болгон кызыгуусунун пайда болушу (мотивациялык чөйрөнүн уюшулушу);

3. Өз жүрүм-турумун башкаруу: мектеп жүрүм-турумуна көнүү, күн тартибин сактоо мүмкүнчүлүгүнүн камсыздалышы, сабакта өзүн уюштура билүүсү, максаттуу багыттуу кубулуштарды байкоо үчүн ички психикалык кыймылды аң-сезимдүүлүк менен башкара билүүсү, мугалимдин айткан маалыматын же китептеги керектүү материалды эстеп калуу үчүн кунт коюунун концентрацияланышы;

4. Акыл ишмердүүлүгүнүн кабылдоосуна ээ болуусу: баланын таануучулук процессинин өнүгүү деңгээлин аныктоодо акыл ишмердүүлүгүнө ээлик кылып, башкара билүүсү, бул кубулуштарды байкоо кабылдоонун дифференциациясы менен түшүндүрүлөт;

5. Өз алдынчалуулуктун көрүнүшү: ар кандай жолдорду колдонууну, чечим кабыл алуу ыкмаларын издөө аракети, жаңы же күтүүсүздөн оригиналдуу түшүндүрмөлөрдү бере алуу, чечимдердин ар кандай жолдорун (варианттарын) сунуштай алуусу, башкалардын жардамысыз практикалык ишмердүүлүктү аткаруусу;

6. Курбалдаштары жана чоң адамдар менен мамиле түзүү: баланын өзү жана башкалар үчүн иш-аракет кылууну каалоосу, өзүндө оң адаттарды калыптандыруусу, тапшырманы аткаруунун зарылдыгын жана жоопкерчиликтүү экендигин аң-сезимдүүлүк менен сезе билүүсү;

7. Эмгекке болгон мамиле: коллективде иштей билүүсү, жолдошторунун кызыкчылыгын, каалоосун эске алуусу, пикир алышууну үйрөнгөндүгү;

8. Чөйрөгө жана дептерге ориентир алууну үйрөнгөндүгү (көз менен колдун координациясы), сезим тажрыйбасы менен чөйрөгө жана убакытты туура пайдалануусу, өз билими менен өлчөө бирдигине ориентир алууну үйрөнгөндүгү байкалат.

**№2 тиркеме**

**Баланын мектептеги окууга даярдыгын мүнөздөөчү картасы**

1. **Психологиялык жана социалдык даярдык (туура келген жооп тегеректелет).**

**А) Мектептеги окууну каалоосу:**

1. Бала мектепке барууну каалайт;
2. Мектепке барууга өтө деле кызыкдар эмес;
3. Мектепке барууну каалабайт.

**Б) Окуу мотивациясы:**

1. Окуунун зарылдыгын, маанилүүлүгүн сезүүсү, окуунун өздүк максатына ээ болууда өз алдынча кызыгуунун ойгонушу;

2.Окуунун өздүк максаты сезилбейт, окуунун сырткы жагы гана баланы кызыктырат (курбалдаштары менен пикирлешүү, мектепке зарыл болгон буюмдар кызыктырат);

3. Окууга максаты сезилбейт, мектепте бала кызыга турган эч нерсе көрбөйт.

**В) Пикир алышуу жөндөмү, кырдаалга жараша иш-аракет жасоо, өзүн туура алып жүрүүсү:**

1. Байланышка жеңил барат, кырдаалды туура кабыл алат, маанисин түшүнөт, өзүн туура алып жүрөт;

2. Пикир алышуу татаал, кырдаалды туура түшүнө албайт, өзүн туура алып жүрө албайт;

3. Байланыш түзүү кыйынчылыкка турат, пикир алышууда кыйынчылыкка кабылат, кырдаалды түшүнбөйт.

**Г) Жүрүш-турушту уюштуруу:**

1. Жүрүм-турум уюшулган.
2. Жүрүм-турум жетишерлик деңгээлде уюшулган эмес.
3. Жүрүм-турум уюштурулган эмес.

**Мектепке болгон психологиялык-социалдык даярдыктын жалпы, орточо деңгээлин баалоо**

***Ортодон жогору, орто***: даярдыктын көпчүлүк көрсөткүчү 1-деңгээл менен бааланат.
***Ортодон төмөн:*** даярдыктын көпчүлүк көрсөткүчү 2-деңгээл менен бааланат.
***Төмөн:*** даярдыктын көпчүлүк көрсөткүчү 3-деңгээл менен бааланат.

**2. Мектепке маанилүү болгон психофизиологиялык функциялардын өнүгүшү**

**А) Фонематикалык угуу, артикуляциялык аппарат**

1. Речтин фонематикалык курулушунда, тыбыштардын айтылышында бузулуу жок, речь туура, так;
2. Речтин фонематикалык курулушунунда, тыбыштарды айтылышында байкаларлык бузулуу бар (логопеддин текшерүүсү зарыл);
3. Баланын речи түшүнүксүз (логопеддин үзгүлтүксүз байкоосу зарыл).

**Б) Колдун майда булчуңдары**

1. Кол жакшы өнүккөн, бала карандаш, калем сап жана кайчыны ишенимдүү, туура кармап колдоно алат;
2. Кол жетишерлик деңгээлде өнүккөн эмес, бала карандаш, калем сап жана кайчыны өтө кыйынчылык менен колдонот;
3. Кол жакшы өнүккөн эмес, карандаш, кайчыны колдоно албайт.

**В) Чөйрөгө ориентер алуу, дененин ийкемдүүлүгү, кыймылдын координациясы**

1. Чөйрөгө жакшы ориентир алат, кыймылын координациялайт, кыймылдуу, денеси ийкемдүү.
2. Айлана-чөйрөгө карата ориентир алууда айрым бир кемчиликтер байкалат, дене жетишерлик деңгээлде кыймылга келбейт.
3. Чөйрөгө ориентир алуусу начар, кыймылы аз, кыймылдын координациясы өнүккөн эмес, ыңгайсыз.

**Г) Көздүн системалык координациясы – колу**

1. Графикалык образды дептерге оңой түшүрөт (узор, фигура), көрүп кабыл алуусу жакшы (доскадагы маалыматты так, туура кабыл алат);
2. Графикалык образды дептерге айрым бир катачылыктарды кетирүү менен түшүрөт (узор, фигура), көрүп кабыл алуусу орточо деңгээлде;
3. Графикалык образды дептерге түшүрө албайт (узор, фигура), көрүп кабыл алуусу начар, одоно ката кетирет.

**Д) Көрүп кабыл алуунун көлөмү (сүрөттөгү белгиленген обьектинин санына жараша, көптөгөн контуру бар картинага карата)**

1. Курактык топтун ортоңку көрсөткүчүнө дал келет;
2. Курактык топтун ортодон төмөн көрсөткүчүнө дал келет;
3. Курактык топтун эң төмөн көрсөткүчүнө дал келет.

**Мектепке маанилүү болгон психофизиологиялык функциялардын өнүгүшү жалпы, орточо деңгээлин баалоо**

***Ортодон жогору, орто***: даярдыктын көпчүлүк көрсөткүчү 1-деңгээл менен бааланат.
***Ортодон төмөн:*** даярдыктын көпчүлүк көрсөткүчү 2-деңгээл менен бааланат.
***Төмөн:*** даярдыктын көпчүлүк көрсөткүчү 3-деңгээл менен бааланат.

**3. Таануучулук ишмердүүлүктүн өнүгүшү**

**А) Дүйнө тааным**

1. Дүйнөгө болгон көз караш конкреттүү, жетишерлик деңгээлде, бала өлкөлөр, шаарлар, жыл мезгилдери, өсүмдүктөр, жаныбарлар жөнүндө кеңири айтып бере алат;
2. Маалыматтар жетишерлик деңгээлде, өз айлана-чөйрөсүнө гана тиешелүү маалыматтар менен чектелет;

3. Дүйнө таанымы ченелүү, билими системалуулукка ээ эмес, чаржайыт, үзүк-үзүк.

**Б) Речтик өнүгүү**

1. Речи мазмундуу, уккулуктуу, грамматикалык жактан туура;
2. Бала өз оюн айтарда сөз таппай калат, грамматикалык жактан айрым бир катачылыктарга жол берилет, жетишерлик деңгээлде түшүнүктүү эмес;
3. Сөздү кыйноо менен айттыруу, жооптору бир сөздөн турат, речинде өтө көп ката кездешет (сөздөрдүн ирети бузулат, сүйлөм бүтпөй калат ж.б).

**В) Таанууччулук активдүүлүгүнүн жана өз алдынчалуулуктун өнүгүшү**

1. Бала бардык нерсеге кызыгат, активдүү, тапшырманы кызыгуу менен өз алдынча, башкалардын жардамысыз аткарат;
2. Бала жетишерлик деңгээлде активдүү эмес, өз алдынчалуулук жок, тапшырма аткарууда чөйрөнүн жардамына муктаж болот, кызыкдар суроолордун чөйрөсү тар;
3. Активдүүлүктүн, өз алдынчалуулуктун деңгээли өтө төмөн, тапшырма аткарууда дайыма сырткы стимуляция талап кылынат, чөйрөгө болгон кызыгуу жокко эсе.

**Г) Интеллектуалдык билгичтиктин калыптанышы (анализ, салыштыруу, жалпылаштыруу)**

1. Бала анализденүүчү маани-мазмунду аныктайт (анын ичинде белгисиз маанини), аны өз сөзүндө так, туура жалпылаштырат, кылдат салыштырууда анын окшоштугун жана айырмачылыгын көрө билет, закон ченемдүү байланыштарын таба алат;
2. Анализ, салыштыруу, жалпылаштырууну талап кылган тапшырмалар жана закон ченемдүү байланыштарды табуу аракети чоңдордун стимулдаштыруучу жардамы аркылуу ишке ашат;
3. Тапшырма чоңдордун уюшулган жана багыт берүүчү жардамы аркылуу аткарууда бала өздөштүргөн ишмердүүлүк ыкмаларын колдонот;

4. Бала окутууга өтө муктаж болот, кыйынчылык менен кабыл алат, анализдөө, салыштыруу жокко эсе, үйрөнгөн ыкмаларын өз ишмердүүлүгүндө колдоно албайт.

**Д) Ишмердүүлүктүн иштелип чыгышы**

1. Бала ишмердүүлүктүн максатын коет, пландаштырат, адекваттуу каражаттарды тандайт, жыйынтыгын текшерет, иште кыйынчылыкты жеңе билет, баштаган ишин аягына чыгарат.
2. Ишмердүүлүктүн максатын коет, пландаштырат, адекваттуу каражаттарды тандайт, жыйынтыгын текшерет, бирок ишмердүүлүктө тез-тез башка нерсеге алаксыйт, иште кыйынчылыкты психологиялык жактан колдоонун натыйжасында жеңе алат;
3. Ишмердүүлүк башаламан, ойлонулбай туруп жасалат, иш процессинде аткарыла турган тапшырманын өзүнчө шарттары жоголот, жыйынтык текшерилбейт, кыйынчылыктан улам ишмердүүлүк үзгүлтүккө учурайт, стимул берүүчү жана уюштуруучу жардам эффективдүүлүктү камсыз кыла албайт.

**Е) Ишмердүүлүктү көзөмөлдөө**

1. Баланын иш-аракетинин жыйынтыгы коюлган максат менен дал келет, ал жыйынтык менен максатты өз алдынча салыштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот;
2. Баланын иш-аракетинин жыйынтыгы менен коюлган максаттын айрым бир бөлүгү дал келет, ал өз алдынча толук шайкеш келбегендигин байкабайт;
3. Баланын иш-аракети максаты менен дал келбейт, мындай карама-каршылыкты бала сезбейт.

**Ж) Ишмердүүлүк темпи**

1. Курактык топтун ортоңку деңгээли менен дал келет;
2. Курактык топтун ортодон төмөн деңгээли менен дал келет;
3. Курактык топтун  төмөн деңгээли менен дал келет;

**Таануучулук ишмердүүлүктүн өнүгүшү жалпы, орточо деңгээлин баалоо**

***Ортодон жогору, орто***: көпчүлүк көрсөткүчү 1-деңгээл менен бааланат.
***Ортодон төмөн:*** көпчүлүк көрсөткүчү 2-деңгээл менен бааланат.
***Төмөн:*** көпчүлүк көрсөткүчү 3-деңгээл менен бааланат.
***Өтө төмөн***: интеллектуалдык билгичтик 4-деңгээл менен бааланат.

**4. Ден-соолук абалы**

1.Мектеп жашына чейинки куракта баланын өнүгүү өзгөчөлүгү (баланын өнүгүшүнө таасир этүүчү шарттар болсо, ал конкреттүү шартты көрсөтүү, узак оору, жаракат алуу, эненин оор төрөтү ж.б).
2.Балалык куракта өнүгүү темпи (баланын өз учурунда басуусу, сүйлөөсү).
3. Соматикалык ден-соолугунун абалы (организмдин функцияларында же системасында бузулуу, оорукчан болуу – жылына канча жолу, канча күндөн ооругандыгы тууралуу).
Ден-соолугунун группасы___________________________
Жыйынтык__________________________________________
Бала менен жекече иштөөгө сунуштар________________________

Келечектеги окуучуну текшерүү башка жол менен да жүргүзүлүп, учурда баланын психикалык сапаттары гана бааланат. Мындай көрсөткүчтөр болуп төмөнкүлөр саналат:

- Акыл активдүүлүгүнө болгон баланын жөндөмү (демилгелүүлүк, акыл ишмердүүлүгүндө туруктуулук);
- Окуу ишмердүүлүгүн өзү жөнгө салуу жөндөмү (максатты аң-сезимдүүлүк менен сезе билүү, максатка жетүү аракетинде иш-аракетин пландаштыруу, жыйынтыкты көзөмөлдөө, үлгүгө ориентир алуу);
- Кыска убакыттагы эс тутум (мугалимдин тапшырмасын, маалыматтын айрым бир зарыл учурларын эстеп калуу жөндөмү);
- Акылына салып, ойлонуп, жөнөкөй жыйынтык чыгара алуу жөндөмү;
- Фонематикалык кабыл алуу жөндөмү жана сөздүк запастын өнүгүшү.

Баланын психологиялык картасы ал тууралуу маалыматтар менен толукталып, атайын адисте (мектеп психологу) жашыруун түрдө сакталат. Психолог же ПМПКнын (психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссия) жыйынтыгы менен бала мектепке кабыл алынышы мүмкүн.

**№3-тиркеме**

## Балдарды мектепке даярдоочу адистер

- Балдарды мектепке даярдоочу окутуучу;
- Гувернант-репетитор;
- Мугалим-тарбиячы;
- Педагог;
- Няня-репетитор;
- Эрте өнүгүүнүн окутуучусу;
- Адистешкен няня-гувернантка;
- Тарбиячы-педагог;
- Педагог-аниматор;
- Академиялык директор;
- Педагог-психолог;
- Адистешкен педагог;
- Психолог-социалдык педагог;
- Актердук чеберчилик мугалими;
- Скрипка мугалими;
- Чыгармачыл педагог (ИЗО, лепка ж.б);
- Топтун хореографы (мект.чей.курак);
- Француз тили мугалими;
- Англис тили мугалими;
- Тренер-аниматор;
- Баланын өнүгүүсү боюнча педагог-психолог;
- Эрте өнүгүү боюнча инструктор;
- Методист-тарбиячы;
- Психолог-гувернер (аутист балдар менен иштөө);

•Узартылган күндө кошумча окутуунун тарбиячысы;

•Балдар багытынын менеджери;

•Балдардын тобун коштоочу лидердердин тобу;

•Үй мугалими;

•Өнүгүүсүндө бузулуулары бар балдардын психологу;

•М.ч.к. сүрөтчү-мугалим;

•Эрте өнүгүү стадиясынын менеджери;

•Йога, фитнес, аэробика боюнча инструктор;

•Актер-аниматор;

•Вахта менен няня-педагог;

•Тарбиячы-логопед;

•Ораторлук искусство боюнча педагог.

Мисалы, айрым бир кесип ээсине түшүндүрмө берсек: аниматор – көңүл ачуучу кечелердин жана тематикалык майрамдардын (жаңы жыл, бала бакчанын бүтүрүү кечеси, даярдоо курсун бүтүрүү кечеси) сценарийин түзүп, программаларын иштеп чыгып, балдар майрамын уюштуруучу жана өткөрүүчү адис.

Жогорудагы кесип ээлери балдарды мектепке даярдоо үчүн алар менен иштөөдөн мурда атайын текшерүүдөн өтүүсү керек.

**Алар:**

• мыйзам бузгандыгы үчүн сот жообуна тартылбаган инсан болушу керек;

• психопатологиясы болбошу керек;

• квалификациялык талаптарга жооп бериши керек;

• сөзсүз түрдө мамлекеттик стандарт менен тааныш болушу керек.

**№4 тиркеме**

## Тыбышты (фонематикалык) угууну текшерүү тести

**Тестирлөөнүн максаты:** баланын угуу туюусун жана эрктүүлүк жөндөмүн текшерүү.

**Материал жана жабдуулар:** сөз тизмектеринен турган төрт тапшырмалар топтому.

**Изилдөөнүн жүрүшү:**

Тестирлөө ар бир бала менен жекече формада жүргүзүлүп, аны аткарууга 8-10 мүнөт сарпталат.

**Инструкция:** «Кел, экөөбүз сөз ойлоп табабыз. Мисалы «эшик». Мен бул сөздү кайра-кайра кайталайм, андан кийин мен ал сөздү башка сөз менен алмаштырам. Мисалы «китеп». Сен башка сөздү угаарың менен мени колуң менен көрсөтөсүң, же кол чабасың (мугалим көрсөтүп берет). Эгер мен башка сөздү алмаштырбай бир эле сөздү кайталай берсем, анда сен аягында «бардыгы туура, түшүнүктүү» дейсиң. Сүйлөштүкпү»?

Канааттандырарлык жооп алгандан кийин текшерүүнү баштоого болот. Ал төрт тапшырмадан турат. Биринчиси таанышуу-көнүгүү иретинде, ал эми үчөө болсо бааланат.

### Биринчи тапшырма – текшерүү тыбышы “А”

Апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа
Апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, апа, арпа, апа,
Алма, алма, алма, алма, алма, алма, алма, алма, алма, алма, алма,
Алма, алма, алча, алма, алма, алма, алма, алма, алма, алма, алма.

### Экинчи тапшырма – текшерүү тыбышы «С»

Сыбызгы, сыбызгы, сыбызгы, сыбызгы, сыбызгы, сыбызгы, сызгыч,
Сыбызгы, сыбызгы, сыбызгы, сыбызгы, сырткы, сыбызгы, сыбызгы.
Сары, сары, сары, сары, сары, сары, сары, сары, сары, сары, сары, сары, сары, сары, сары, сабы, сары, сары, сары, сары, сары, сагын.

**Үчүнчү тапшырма – текшерүү тыбышы «Б»**

Булак, булак, булак, булак, булак, булак, булак, булак, булак, бубак, булак, булак, булак, булак, булак, булак, булак, булак, бутак, булак.
Балыр, балыр, балыр, балыр, балыр, балыр, балыр, балыр, балыр, балыр, балыр, балыр, балык, балыр, балыр, балыр, бакыр, балыр.

**Төртүнчү тапшырма – текшерүү тыбышы «К»**

Катар, катар, катар, катар, катар, катар, катар, катар, катар, катар, катар, кабар, катар, катар, катар, качар, катар, катар, катар, катар,
Кулалы, кулалы, кулалы, кулалы, кулалы, кулалы, куралы, кулалы, кулалы, кулалы, кулалы, кулалы, кулагы, кулалы, кулалы, кулалы.

Эгерде катардагы сөздү айтуу темпинде (1 сөз 1 секундада) бала ашыкча сөздү уга албай калса, же ката кетирсе, анда ал катарга кайра кайрылып, жайыраак темпте айтуу керек (1 сөз 1,5 секундада).

**Баалоо шкаласы**

Бул тапшырмада баалоо системасы өзгөчө мааниге ээ болот: биринчиден, жогорку балл (3 балл) үч тапшырманы тең так аткарган балага коюлат. Баалоонун 4 баллдык шкаласа коюлат.

**0 балл** – эгер бала туура эмес сөздү байкабаса, кайра жай кайталаган учурда да таппаса коюлат.

**1 балл** – жай кайталаган учурда ашыкча сөздү тапкан учурда коюлат.

**2 балл** – ашыкча сөздү байкайт, бирок учурунда кол чаппайт, бардык катар окулуп бүткөндөн кийин айткан балага коюлат.

**3 балл** – бардык тапшырманы так аткарган, ар бир катарда ашыкча сөздү угаар замат белгилеген балага коюлат.

Шкала 6 жашар балага да, 7 жашар балага да коюлат. Бул жөндөмдүүлүктүн өнүгүшүнө жаш курагы анча таасир этпейт.

| Топтолгон баллдын саны | Фонематикалык угуунун өнүгүү деңгээли |
|---|---|
| 0 | төмөн |
| 1 | орточо |
| 2-3 | жогору |

**№5-тиркеме**

## Маанисиз муундарды көчүрүү тести

**Изилдөөнүн максаты:** баланын майда моторикасын өнүгүүсүн аныктоо

**Материалдар:** 1 же 2 муундуу сөздөр жазылган карточкалар.

**Изилдөөнүн жүрүшү:**изилдөө топто жүргүзүлүп, убакыт ченелбейт.

**Инструкция:**
Маанисиз муундар коллиграфиялык кол жазма менен жазылат. Беш тыбыштан турган бир муундун топтому атайын карточкага жазылат. Мугалим балага: «карточкада эмне тартылып турат, силер көргөн нерсени башка кагазга көчүрүп жазышыңар керек»- деп түшүндүрөт. Бала эгер жаза албаса анда жөн гана ал жазууну туурап көчүрүшү зарылдыгы айтылат. Эгер аны да көчүрө албаса, мугалим айрым жаза албай турган балдарга биринчи үй тартып, андан соң жөнөкөй геометриялык фигураларды (төрт бурчтук, тегерек, ромбик) тартууну сунуштайт.

### Баалоо шкаласы

**1 балл** – бала бир да тыбышты окшоштура албаса коюлат;

**2 балл** – үлгү менен окшоштук бар, бирок үч тыбыш гана таанылса коюлат;

**3 балл –** 4 тыбыш даана окулса коюлат;

**4 балл** – бардык 5 тыбыш тең даана окулса коюлат.

**5 балл** – ар бир тыбыш так, даана жазылат, жазылышы да 30 градуска кыйшайтылып жазылса коюлат.

| Топтолгон баллдын саны | Өзүн-өзү жөнгө салуу деңгээли |
|---|---|
| 0 | төмөн |
| 2-3 | орточо |
| 4-5 | жогору |

**№6-тиркеме**

**Сөздүк тести**

**Изилдөөнүн максаты:** баланын интеллектуалдык деңгээлин аныктоо (сөз запасы) жана сөздүн маанисин түшүндүрүп берүүгө багытталат.

**Материалдар:** сөздүк топтомдору жазылган карточкалар.

**Изилдөөнүн жүрүшү:** изилдөө топто жүргүзүлөт.

**Инструкция:** Баланын сөздүк запасын текшерүүдө мугалим: «балдар элестеткиле, мисалы, силер чет өлкөдөн келген адам менен жолугушуп калдыңар, ал кыргыз тилин билбейт. Эгер ал силерден «боз үй» деген эмнени билдирерин түшүндүрүп берүүнү суранса силер кантип түшүндүрүп бересиңер? Ошондуктан силерге сөздөрдүн түшүндүрмөлөрүн үйрөнүү зарыл болот. Азыр силерге сөздөрдүн топтому берилет». Кайсы сөз балага тааныш болсо, берилген жооптор боюнча баланын сөздүк запасы текшерилет. Беш сөздүк топтом сунушталып, ар бири ирети менен берилет. Балдар кезек-кезеги менен сөздөргө түшүндүрмө берүү менен жооп беришет. Бала жоопту сөз менен бериши керек, эгер сөз менен түшүндүрө албаса, мугалим анда баланы кыймыл-аракети же жаңсоо аркылуу, же сүрөтүн тартуу менен сөздүн маанисин түшүндүрүп берүү керектигине багыт берет. Бала сөздүн маанисин түшүнүп турса да аны сөз запастын жоктугунан аны түшүндүрүп бере албайт, адабий тилде эмес же диалектилик сөздөр менен айтып бериши мүмкүн.

**Сөздөрдүн топтому:**

1. Алма, чатырча, кат, балта, дос, өткүр, өтүк, жумшак, принтер, самолет, шляпа, байланыш, тери, боз үй.
2. Китеп, согуу, плащь, троллейбус, чогултуу, диван, скотч, клей, канат, дептер, велосипед, плеер, мейманкана, турист, мотоцикл, сейил багы, жылкы, арстан, көпөлөк, мамалак, мый, бачики.
3. Мектеп, парта, кабинет, ватман, дарбыз, мейиз, шыпыргы, балалык, автобус, жолдош, күчүк, калем сап, балмуздак.
4. Өлкө, сапар тартуу, долу, жол, багыт, түшүнүк, баа, курбалдаш, арал, аймак, тамсил, топоз, жаран, маймыл.
5. Ата мекен, айыл, шаар, короо, ууру, бала бакча, тарбиячы, мугалим, бир тууган, басмакана, мезгил, күз, жай.

## Баалоо шкаласы

**0 балл** – сөздү түшүнбөйт, же маанисин туура эмес түшүндүрөт;

**1 балл** – сөздүн маанисин түшүнөт, өз түшүнүгүн сүрөт аркылуу, же практикалык иш-аракет аркылуу, же жаңсоо аркылуу берет;

**1,5 балл** – бала нерсени сөз менен сүрөттөйт. Мисалы: «Кол чатырды жамгырдан коргонуу үчүн көтөрөт».

**2 балл** – бала илимий тилге жакындаштырып түшүндүрмө берет, өзгөчө белгилерин атайт. Мисалы: «Кат бул кагаз, өзү жөнүндө кагазга жазып, почта аркылуу башка адамга жиберет».

Методика: Овчарова Р.В. Тесты фонематического слуха, тест копирования бессмысленных слогов, тест словаря. // Практическая психология в начальной школе. – М.: 1996.15-24 б. боюнча берилди.

**№7 тиркеме**

**“Купуя” (секрет) “Белек” методикасы (Репина Т.А.)**

**Изилдөөнүн максаты:** баланын балдар бакчасында топтогу ордун, анын балдарга кылган мамилесин, курбалдаштарынын балага кылган мамилесин, балдардын бири-бирине кылган оң мамилелеринин деңгээлин, алардын эмоциялык ийгилигин аныктоо.

**Материалдар**: сүрөттөр, оюнчуктар.

**Изилдөөнүн жүрүшү:** эксперимент педагог-психолог, же тарбиячы тарабынан ар бир бала менен жекече жүргүзүлөт. Тарбиячы бир баланы балдар уктоочу бөлмөгө чакырып, отургучка отурууну сунуштайт. Столдо алдын-ала даярдалган 3 предметтен турган сүрөттөр жана оюнчуктар коюлат.

**Инструкция:** тарбиячы: “бүгүн силердин топтогу балдар жашыруун түрдө бири-бириңерге сүрөт же оюнчукту белекке тартуулайсыңар. Сен өз тобуңдан балдарга белек тартуулагың келеби? (жоопту алып, тарбиячы андан ары улантат). Анда сага жаккан сүрөттү же оюнчуктардан танда. Сен кимге белек тартуулагың келет? Эмнеге? Тарбиячы жооп алгандан кийин белек бериле турган баланын жаздыгынын астына сүрөттү же оюнчукту катып коет. “Экинчи оюнчукту кимге белекке бергиң келет, үчүнчү оюнчукту кимге бересиң, эмне себептен?”-деп сурайт тарбиячы. Бардык белектер жаздыктардын астына коюлгандан кийин тарбиячы баладан сурайт: “сенин тобуңда белек бергиң келбеген балдар барбы? Эмнеге? Сага ким белек бергиси келет деп ойлойсуң? Эмнеге?” бардык жооптор протоколго жазылат.

Эксперименттин аягында тарбиячы балага ыраазылык билдирип, эч кимге айтпай жашырып турууну суранат. Бала курбалдаштары менен сүйлөшүп албашы үчүн башка бөлмөгө киргизилет. Топтогу бардык балдар өз тандоосун жасагандан кийин педагог же тарбиячы бир да сүрөт же оюнчук албаган баланы аныктап, алардын жаздыгынын алдына да бир же эки сүрөт коюп коюшат. Андан кийин педагог же тарбиячы бардык балдарды уктоочу бөлмөгө белек алуу үчүн чакырат. Бул учурда балдардын өз ара сүйлөшүүсүн, жүрүм-турумун каттоо талапка ылайык. Натыйжада балдардын бири-бири менен болгон мамилеси аныкталат.

Методика: Репина Т.А. Социально-психологическая характеристика группы детского сада. – М.: 1988г боюнча берилди.

МАЗМУНУ

Киришүү……………………………………………………………3

Балдарды мектепке даярдоо курсуна жалпы түшүнүк………………4

Балдарды мектепке даярдоодо психологиялык проблемалар

жана аларды жоюунун жолдору……………………………………7

Баланын мектептеги окууга даярдыгы жана мектеп

чөйрөсүнө адаптацияланаусу………………………………………12

Мектепке даярдоо процессинде инновациялык билим

берүү системасы……………………………………………………16

М.Монтессоринин методикасы боюнча балдарды комплекстүү

даярдоо………………………………………………………………19

Балдарды мектепке психологиялык жактан

даярдоо боюнча ата-энелерге кеңештер…………………………25

Корутунду……………………………………………………………29

Адабияттар……………………………………………………………30

Тиркемелер……………………………………………………………31

**Балдарды мектепке даярдоо**

Тех. редактор: Жакыпова Ч.А.
Компьютерге калыпка салган: Жумашева Ж.Ж.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун
полиграфиялык комплексинде басылды
Заказ 448. Тираж 100
Тел.: (03922) 52696.